№72
(3521)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2023-жылдын
8-сентябры

www.erkin-too.kg



Шайырбек ТАШИЕВ:

## "МАГА КАДРДЫК СУРООЛОР МЕНЕН ТАПТАКЫР КАЙРЫЛБАГЫЛА ДЕЙМ"

3-БЕТТЕ




## ЖАҢЫ АВТОБУСТАР, ЖАҢЫ МАСЕЛЕЛЕРДИ ЖАРАТТЫ

4-БЕТТЕ

ИШ ЖУМА
www.erkin-too.kg



# ЭКИ ТАРАПТУУ КАРЫМ-КАТНАШТАР МЫНДАН АРЫ ДА БЕКЕМДЕЛЕТ

***Президент Садыр Жапаров 5-сентябрда Кыргызстанга иш сапары менен келген Түркия Республикасынын башкы омбудсмени Шереф Малкочту кабыл алды.***

Мамлекет башчысы Түркиянын башкы омбудсменинин Кыргызстанга жасаган сапары учурунда эки өлкөнүн акыйкатчы институттарынын ортосунда байланыш түзүп, тажрыйба алмашуу ниетин канааттануу менен баалады. Ошону менен катар эки өлкө ортосундагы стратегиялык кызматташтык жана бир туугандык мамилелер күн сайын бекемделип жатканын белгилеп, Шереф Малкочтун мамлекеттик кызматтагы бай тажрыйбасы Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы эки тараптуу карым-катнаштардын мындан ары да бекемделишине олуттуу салым кошот деген ишенимин билдирди.

Өз кезегинде Түркиянын башкы омбудсмени Шереф Малкоч Садыр Жапаровго меймандостугу үчүн ыраазычылык билдирип, өлкө Президенти Режеп Тайып Эрдогандын жолдогон саламын айтты.

# УЗАК МӨӨНӨТТҮҮ ӨНӨКТӨШ

***Мамлекет башчысы Садыр Жапаров Япония эл аралык кызматташтык агенттигинин (JICA) Президенти Акихико Танаканы кабыл алып, кыргыз тарапка колдоо көрсөтүп келгени үчүн япон элине жана JICA агенттигине ыраазычылык билдирди.***



Кыргызстан Японияны демократиялык өнүгүү жолунда жакын дос жана узак мөөнөттүү өнөктөш катары кабыл алат. Дипломатиялык мамилелердин түзүлгөндүгүнүн 30 жыл аралыгында саясий, экономикалык жана маданий-гуманитардык кызматташуу боюнча бай тажрыйба топтолду.

JICA менен биргелешкен долбоорлор тууралуу айткан Садыр Жапаров, транспорт тармагы, жаңы технологияларды, анын ичинде "жашыл" жана кайра жаралуучу энергия булактарын киргизүү, айыл чарбасы, суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу, инфраструктураны жана гидроэнергетиканы модернизациялоо сыяктуу кызматташтык багыттарына басым жасады.

Президент 12 жыл мурун Кыргызстанда JICA агенттиги тарабынан ишке киргизилген, биргелешкен ийгиликтүү «Бир айыл – бир продукт» долбоорун белгиледи. Бүт өлкө боюнча ишке ашыруу максатында бул долбоорго улуттук макам берилген. Мындан башка Садыр Жапаров өлкөнүн мамлекеттик кызматкерлерин Япониянын жогорку окуу жайларында окутуу боюнча Япония Өкмөтүнүн гранттык программаccы (JDS) иштеп жатканын белгилеп өттү.

Анын бүтүрүүчүлөрүнүн көпчүлүгү бүгүнкү күндө Кыргызстандагы мамлекеттик жана муниципалдык органдарда ийгиликтүү иштеп жатышат.

# БАТКЕН ОБЛУСУНА МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН ӨЗГӨЧӨ КӨҢҮЛ БУРУЛАТ



***Былтыркы жылдын 14-17-сентябрында Баткен, Лейлек райондорунда жана Баткен шаарында болгон окуялардан улам жабыркаган жарандар үчүн үйлөрдүн курулушу толугу менен аяктады.***

Бул тууралуу Президенттин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Абдикарим Алимбаев Президент Садыр Жапаровдун кабыл алуусунда билдирди.

Абдикарим Алимбаев Баткен облусундагы инфраструктураны жакшыртуу, социалдык объекттерди куруу, долбоорлорду ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу отчёт берди.

Президенттин Жарлыгынын алкагында Баткен районунун Капчыгай жана Достук айылдарынын башкы планы түзүлүп, ага ылайык бул айылдар толугу менен кайра курулган. Бүгүнкү күндө өрттөнгөн үйлөр толугу менен калыбына келтирилген, бул айылдардын ички жолдору асфальтталган, жарыктандыруу иштери жүргүзүлгөн, ичүүчү суу системасы салынган. Ошондой эле жарандык коргонуу комиссияларынын актыларына ылайык, күйүп кеткен жана капиталдык ремонтко муктаж болгон үйлөрдүн ээлерине толук көлөмдө акча каражаттары берилген, машинасынан же малынан ажырагандарга да акчалай компенсациялар төлөнгөн.

Президент Садыр Жапаров мындан ары да Баткен облусуна мамлекет тарабынан өзгөчө көңүл буруларын белгилеп, аймактын социалдык-экономикалык абалын, инфраструктурасын өнүктүрүү маселесине өзгөчө көңүл бурууну тапшырды.

Президент белгилегендей, Баткен облусунун курч маселелерин чечүү жана облусту өнүктүрүү - учурдагы күн тартибиндеги приоритеттердин бири.

# АКЫЛБЕК ЖАПАРОВ АКИХИКО ТАНАКА МЕНЕН ЖОЛУКТУ

***“Япония автомобиль жана кеме куруу, курулуш жана металлургиялык өнөр жай, энергетика, робот техникасы жана тамак-аш өнөр жайы сыяктуу тармактарда лидер экенин эске алып, кызматташууга кызыкдар экенимди билдирем”, - деди Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Япония эл аралык кызматташтык агенттигинин (JICA) Президенти Акихико Танака менен жолугушууда.***

Акылбек Жапаров Япония Өкмөтүнүн жана Япония эл аралык кызматташтык агенттигинин (JICA) жардамын жогору баалай турганын белгилөө менен, Япония Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын Япониянын жогорку окуу жайларында окутуу үчүн гранттык программасынын (JDS) алкагында адамдык өнүгүү чөйрөсүндөгү кызматташуунун ийгилигин айтты.

Натыйжалуу иштеп келе жаткан “Бир айыл – бир продукт” долбоорунун ийгиликтерине да токтолушуп, анын активдүү аткарылышы Кыргызстандын экономикалык жактан өнүгүүсүнөн кабар берээри белгиленди.

# КООПСУЗДУК АР ДАЙЫМ КҮН ТАРТИБИНДЕ

***Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчысы Марат Иманкулов Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишим уюмунун (ЖККУ) Башкы катчысы Имангали Тасмагамбетов менен жолугушуу өткөрдү.***



Анда ЖККУнун 2023-жылдын аягына чейин пландалган иш-чараларына, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында ЖККУнун Тынчтык орнотуучу күчтөрү менен өтүүчү “Бузулбас бооордоштук–2023” биргелешкен машыгуусуна даярдык маселелери талкууланды.

Мындан тышкары, регионалдык коопсуздуктун, орун алган жаңы чакырыктарга жана коркунучтарга натыйжалуу жооп кайтаруунун, Кыргыз Республикасынын ЖККУга мүчө-мамлекеттер менен өз ара пайдалуу кызматташтыгын бекемдөөнүн актуалдуу маселелери боюнча сөз болду.

# ЭЛДИК КУРУЛТАЙДЫ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БИРИНЧИ ЖЫЙЫН



***Элдик Курултай үстүбүздөгү жылдын 15-декабрында Бишкек шаарында өтөт. Президенттин "Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндөгү" Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында Мамлекеттик катчы, уюштуруу комитетинин төрагасы Сүйүнбек Касмамбетовдун жетекчилиги алдында Элдик Курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин биринчи жыйыны болду.***

Жыйында Элдик Курултайга этностук өкүлчүлүктөн делегаттарды шайлоо, чет өлкөдөгү эмгек мигранттарынын ичинен делегаттарды шайлоо боюнча нускамалар, жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү боюнча тиешелүү аймакты бөлүктөргө бөлүү ченеми боюнча түшүндүрмө, жыйындарды өткөрүү боюнча бирдиктүү протоколдордун үлгүлөрү жана иш-чаралардын планы уюштуруу комитетинин жалпы мүчөлөрүнүн добушу менен бекитилип, ага ылайык тиешелүү тапшырмалар берилди.

Жер-жерлерден, этностук өкүлчүлүктөрдөн жана чет өлкөдөгү эмгек мигранттарынан 700 делегат шайланып келет.

**"Эркин-Тоо" пресс**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ЭЛ ӨКҮЛҮ ЭМНЕ ДЕЙТ?
www.erkin-too.kg



Жогорку Кеңештин депутаты
Шайырбек ТАШИЕВ:

# "Өлкөбүздө тарыхта болбогон өтө чоң өзгөрүүлөр болууда..."

**- Шайырбек мырза, жайды жайлай шайлоочуларыңызды аралап жүрдүңүз. Сизге карапайым эл арыз-даттануулары менен көп кайрылышса керек?**

- Ооба, соңку 2 ай бою аймактардагы шайлоочуларыбыз менен жолугушуп, көптөгөн көйгөйлөрдү угуп, айрым мыйзамдарга кандай өзгөртүү, толуктоолорду киргизүү зарылдыгын жана жаңы кандай мыйзамдарды жазыш керектиги боюнча сунуштарына кулак салып, сүйлөшүп кайттык. Көйгөйлөр көп. Биз бийликке элге кызмат кылабыз деп келген соң, антыбызга туруп, каруубузду казык кылып кызмат кылалы. Элибизге ак кызматымды өтөсөм деген ак тилектемин. Жеке эле өзүмдүн округумдагы шайлоочуларыма эмес, Кыргызстандын бардык булуң-бурчунда жашаган элибиздин кимиси болбосун кайрылышса, колуман келишинче, мүмкүнчүлүгүмдүн жетишинче жардам берүү оюм бар. Учурдан пайдаланып айта кетейин, мага кайрылган мекендештерибизге 3 нерсени ачык айтам. Биринчиден, Президентибиз Садыр Нургожоевич менен, экинчиден УКМКнын төрагасы Камчыбек Кыдыршаевичке жолугуштурганга менин мүмкүнчүлүгүм жок. Үчүнчүсү, кадрдык суроолор менен мага таптакыр кайрылбагыла деп кайрылам. Бул үчөөнөн башка суранычтарды мен колуман келишинче аткарганга аракет кылам. Парламент депутатынын вазыйпасы мыйзам чыгаруу болгондуктан ушул жагына басым жасоодобуз. Ал эми чарбалык иштерге да көп көмөк көрсөтүп, мектеп, бала бакча, көпүрө, жол куруу өңдүү көйгөйлөрдү мамлекеттик казынанын эсебинен аткарылышына жардам берип жатабыз.

**- Аймактарды кыдырып жүрүп, жергиликтүү бийликтин кандай иштеп жатканына күбө болсоңуз керек. Дегеле бул жааттагы жетекчилердин иштөө ыргагына карата оюңуз кандай?**

- Жеке өзүм Жалал-Абаддан шайланып келген эл өкүлү катары ушул аймакта көп болдум. Быйыл Жалал-Абад шаарына мамлекеттик казынадан 2 миллиард сом бөлүнүп, бөлүнгөн каражаттын максаттуу пайдаланууу боюнча жергиликтүү жана аткаруу бийлик өкүлдөрү чуркап иштеп жүрүшөт. Бөлүнгөн каражаттарга Жалал-Абадда мектеп, бала бакчадан тышкары оорукана да салынып жатат. Өлкөбүздүн бардык аймагы боюнча жалпылап айтканыбызда өзгөрүүлөр өтө чоң! Буга чейин тарыхта болбогондой, салыштырмалуу асман менен жердей өтө чоң өзгөрүүлөр болуп жатат. Президентибиз Садыр Жапаров өзү аралашып, күнү-түнү тынбай иштеп жүрөт. Андыктан, мындай шартта Президентибизге ыраазычылык билдирсек болот. Өлкө башчыбыз өзү баш болуп жанын сабап иштеп жаткан соң аткаруу бийлигиндегилер жоопкерчиликти сезип, кашаң жүрүшкө алдырбастан иштеп жатышат. Өзүңөр көрдүңөр, быйыл жайда бир дагы министр эмгек өргүүсүнө чыкпастан иштешти. Сындаш оңой! Ал эми ишке келгенде иш башка. Бийликтин аткарып жаткан иштерин карапайым элибиз өздөрү билип, сезип турушат. Албетте, баары эле жипке тизген шурудай укмуш деп айтуудан алысмын. Иш болгон жерде кемчиликтер да кетет. Аткарылып жаткан иштерди жактырбай, оозу менен орок оруп, сындан башканы билбегендер да жок эмес. Андайлар саналуу гана...

**- Быйыл кыш күрөөдө электр энергиясы менен үй жылытууга чектөө коюлду. Электр энергиясынын көзүн карап отурган үй-бүлөлөрдүн абалын кантебиз?**

- Кышка карата даярдык боюнча Министрлер Кабинети өтө катуу иштеп жатышат. Азыртан баштап электр энергия кыш күрөөдө үзгүлтүккө учурап калбасы үчүн Түркмөнстандан болобу же кайсы гана жактан болбосун импорттоого батыл аракет кылып, келишимдерди түзүп жаткан чактары. Кудай буюрса, бул маселе чечилип калса эң чоң көйгөйгө чекит коюлмак. Биз кандай гана болбосун эли-журтубузга шарт түзбөсөк болбойт. Кышка карай элибизди бир гана электр энергиясы менен эмес, көмүр менен да камсыздап, отун-суусун белендеп беришибиз керек. Дал ушул жаатгагы түзүлгөн көйгөйлөрдү эл өкүлү катары аткаруу бийлигине айтып, колдон келген салымыбызды жеткирип турушубуз зарыл.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

# ЖОЛ КЫЙМЫЛЫ ЖӨНГӨ САЛЫНАБЫ?..



Бүгүнкү күндө Бишкек шаарына Кытайдан автобустар алынып келип, калкты тейлей баштады. Алдыда дагы миңге жакын газ кыймылдаткычтуу автобустардын келери айтылууда. Жада калса айрым жерлерде коомдук транспорттор үчүн өзүнчө жол тилкеси бөлүндү. Эгер ошончо санда автобус келип, өзүнчө жол тилкеси менен каттамдар уюштурула турган болсо коомдук транспорт көйгөйү, жол тыгыны өңдүү маселелер чечилеби деген ой жаралбай койбойт. Акыркы учурда коомдук транспорт жана жол маселеси боюнча удаа-удаа бир топ жаңылык орун алды. Айрымдары талкууга жем таштаса, айрымдары элди кубантууда.

### Бүтпөгөн жол тыгыны...

Жайкы эс алуунун аякташы менен Бишкекте жол тыгыны башталды. Жарым саатта жетчү жерге 1-1,5 саат дегенде жетип, ал аз келгенсип коомдук транспортко араң баткан кез. Өзгөчө эртең менен элдин агымы көп. Окуучу, студенттерден тарта жумушка бараткандардын баары аялдамага чогулушат. Бара турчу жерине кечикпейин деп коомдук унаага шыкалып, толуп турганына карабай, эптеп эле батып кеткенге аракет кылып, эшикти жапканга мүмкүн болбой калганда ичинен бирөө тартып, сырттан башка бирөө түртүп жапкан учурлар жок эмес. Жолдо унаа тыгыны, ал эми коомдук унааларда болсо жүргүнчүлөрдүн тыгыны жаралууда. Автобустар көбөйсө жок дегенде жүргүнчүлөр тыгылбай, кенен каттап калат беле деген үмүт жаралат.

### Дагы жаңы автобустар келет

Азыркы күндө Кытайдан келген автобустар четинен линияга чыга баштады. Буга чейин Кытай менен 1000 даана жүргүнчү автобус алып келүү боюнча келишимге кол коюлган. Ошондой эле Кытайдын «Zhong Tong Bus» компаниясы менен макулдашылган график боюнча 450 даана жүргүнчү автобустары 2023-жылдын аягына чейин, калган 500 даанасы 2024-жылдын 1-кварталында келери айтылган. Бишкек шаардык жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы болсо автобустар үчүн айдоочуларды жумушка алууда.

Бул автобустар алда канча ыңгайлуу транспортко айланды. Шаар тургундары жаңы автобустар келип, кичи унааларды алмаштыргандыгына кубангандыктары чын.

### Накталай эмес төлөм ыңгайлуулукту жаратты

Муниципалдык коомдук транспорттордо болсо жол кире накталай эмес төлөмгө өттү. Учурда жүргүнчүлөр «Тулпар» карталары, виза, элкарт банк карталары, ошондой эле мобилдик тиркемелер аркылуу төлөм жүргүзүшүүдө. Эгерде валидатор иштебесе жүргүнчү бекер жүрүүгө укуктуу экенин, накталай төлөмдөрдү кабыл алган айдоочулар иштен алынары айтылган. Бул система бир учурда жол кире чогултуп, кайтарым акчасын берип транспортту башкарган айдоочуларга бир топ эле ыңгайлуулук жаратты десек да болот. Деген менен мындайга көнбөгөн калк дале бир нукка түшө электей...

### Коомдук транспорт үчүн өзүнчө жол тилкеси

Жакында эле шаардык мэрия коомдук транспорт үчүн өзүнчө жол тилкелери бөлүнөрүн, тилкеден башка унаалардын өтүшүнө уруксат берилбей тургандыгын билдирди. Бул боюнча 25-августта шаар мэри Эмилбек Абдыкадыров жыйын өткөрүп, анда А.Токомбаев көчөсүндө Н.Жетикашкаева көчөсүнөн баштап Байтик Баатыр көчөсүнө чейин эки багытта, Ж.Абдрахманов жана Байтик Баатыр көчөлөрүндө Жибек Жолу проспектисинен баштап А.Токомбаев көчөсүнө чейин өзүнчө жол тилкесин бөлүү сунушталган. Мындай өзгөртүүлөр коомдук транспорттун ылдам катташына шарт түзүп, шаардын түштүк райондорунан борборго келүүнү жеңилдетерин билдирип, коомдук транспорт үчүн бөлүнгөн тилкелерди көбөйтүү пландаштырылып жатканын кошумчалаган. Бирок, эл арасында башка унаалардын тыгынын артып, ыңгайсыздык жаралып жатканы айтылып, бир топ талкуу жаралды.

### Автобекеттерди шаардын четине көчүрүү демилгеси

Жогорудагы жаңылыктарды улай эле Батыш жана Чыгыш автобекеттерин, "Ош базарын" Бишкектин сыртына көчүрүү пландалып жатканы айтылды.

Мэр Э.Абдыкадыров: "Чыгыш автобекетин көчүрүүгө 8 гектар аянт даярдалууда. Батыш автобекети менен "Ош базары" 100 гектар аянтта болот. Ошондо 1000ге жакын кичи автобустар шаарга кирбей, айлана-чөйрө тазаланып, тыгындар азайып, борбордун архитектуралык көрүнүшү жакшырат",- деди.

### Жол кире жогорулашы мүмкүн

Бишкекте автобустарда жол кире 20-22 сомго чейин көтөрүлүшү мүмкүн экендигин мэрдин орун басарынын милдетин аткаруучу Максатбек Сазыгулов ЖМКларга берген маегинде билдирген. 1300 автобус шаарга алып келингенде акыркы кичи автобус шаардан чыгарыларын дагы кошумчалаган. Жол киренин жогорулашы тууралуу жаңылык шаар тургундарынын наразычылыгын жаратпай койгон жок.

Акыркы жолу жол кире 2021-жылдын аягында көтөрүлгөн. Мэрия жол кирени 15 сомдон 32 сомго көтөрүү сунушун киргизген. Бирок бул долбоор ишке ашкан эмес.

**Жаңыл ДҮЙШӨКЕЕВА**

КАМЫЛГА ЖАРАШСА
www.erkin-too.kg



# КЫШТА ҮЙҮБҮЗ ЖАРЫК, АСМАНЫБЫЗ АЧЫК БОЛОБУ?

***Быйылкы кыш мезгили кыргызстандыктар үчүн кезектеги оор сыноо болгону калды көрүнөт. Эмитен эле энергетика тармагындагы абал жана кабыл алынган чечимдер мына ушундан коңгуроо кага баштады. Бир жарым ай мурда өлкөнүн энергетика тармагында быйылкы жана алдыдагы жылдарга карата өзгөчө абал жарыяланды. Эми өкмөт кышкысын электр энергиясы менен үй жылытууга тыюу салуу маселесин кароодо. Энергетика министрлигинин аткаминерлеринин ишендирүүсүндө тыюу үй жылытууга гана киргизилет. Калган бардык электр энергиясын керектөөгө чектөө жок. “Жыргаганыман жылкычы болуптурмунбу” дегендей өкмөт жыргаганынан ушундай чечимдерге барып жаткан жери жок.***

## СУУ ТАРТЫШТЫГЫ ӨЛКӨ ИЧИНДЕГИ ЭМЕС, ААЛАМДЫК КӨЙГӨЙ

Айрыкча биздин энергетика тармагыбыздын өзөгүн түзгөн суу энергетикасы быйыл суунун болуп көрбөгөндөй тартыштыгын баштан кечирип жатат. Быйылкы жылдын 5-сентябрына карата Токтогул суу сактагычындагы суунун көлөмү 11 млрд 391 млн кубду түздү. Ал былтыркы жылдын ушул күнүнө салыштырмалуу дээрлик 2 миллиард кубга аз. Абанын муздашы менен суу сактагычка келген суунун агымы да азайды. Демек, мындан ары суунун агымы азайса азаят, бирок көбөйбөйт. Тескерисинче, эми суу сактагычтагы сууну көбүрөөк чыгымдай баштайбыз. Өлкөбүздө өндүрүлгөн энергиянын 30%ын түзгөн ири энергоресурсубуз Токтогул суу сактагычында абал чынында эле кооптуу. Андыктан өкмөт бул кыштан чыгуу үчүн ар кандай чараларды көрүүгө аргасыз болууда. Калкты электр энергиясын үнөмдөөгө чакырып, жылытууга газ жана көмүр жагууну сунуш кылууда. Бирок бизде газ менен калктын кичине бөлүгү гана камсыз болгон. Ал эми көмүр да кымбаттап, 6 миң сомдон кем эмес. Калкты көмүр менен жеткиликтүү баада жана кеңири камсыздоо маселеси кандай, азыр аны айтуу кыйын.

Акыркы жылдарда электр энергиясын туруктуу түрдө кошуналардан импорттоого өттүк. Мындан тышкары жакында эле Беларусь Республикасынан да электр энергиясын сатып алуу жөнүндө сөз боло баштады. Бул маселе КМШнын энергетикалык кеңешинин жыйынында көтөрүлгөн.

## НЕГЕ КАРА-КЕЧЕ СТАНЦИЯСЫН КУРСАК БОЛБОЙТ?..

Кийинки жылдарда суу азайып, суу сактагычыбыз сууга толбой турат. Суу аздыгынын айынан өлкөнүн ички керектөөсүн канааттандыра албай, энергияны тыштан импорттоого мажбурбуз. Табияттын мыйзамы боюнча мезгил-мезгили менен суунун азаю цикли кайталанып турат деген пикир да айтылып келди. Бирок азыркы кезде климаттын өзгөрүшү, жердин температурасынын глобалдуу ысышы жаратылыш мыйзамынан күчтүүлүк кылып, табигый процесстерге өз өкүмүн кылып жатат. Андыктан суу энергетикасына башка альтернатива болчу булактарды да карап көрүп, чечкиндүү кадамдарга баруу кажет. Беларусь мамлекети энергиянын дээрлик 99%ын жылуулук электр станцияларынан иштеп чыгат экен. Бизде суу энергетикасына катарлаш күн, шамал энергиясын иштеп чыгуу жагында иштер жүрүп жатат. Бирок, айрым эксперттердин пикиринде энергия тартыштыгын Кара-Кече жылуулук станциясын куруу менен толук жоюуга болот. Бул багытта эксперт Эрнест Карыбеков омоктуу ойлорун айтып жүрөт. Эколог, гляциологдор айтып жүргөндөй жакынкы келечекте эле дүйнөдө суу тартыштыгы глобалдуу проблемага айлануусу сезиле баштады. Ошон үчүн сөзсүз суу энергетикасына альтернатива болчу энергия булагын ишке киргизүү маселесин создуктурбай колго албайлыбы?

## КЫШ АЗАБЫ, ЫШ АЗАБЫ

Кыш менен кошо борбор калаабызда ыш маселеси кайрадан күн тартибине чыгат. Жакында шаардын мэриясы борбор калаанын жашоочуларына кара-кече көмүрүн жагууга тыюу салган чечим кабыл алып, анын ордуна кошуналардын шабыркүл, кара-жырасын жагууну сунуш кылууда. Биз билгенден дал ушул көмүрлөр газ жыттанган эң ыштуу жана күлү да көп чыгат. Аны учурунда биз да далай жактык. Тескерисинче, кара-кече көмүрү ышы жок таза, күлү такыр аз жана табын да жакшы кармап тамызгы жыгач отунду аз талап кылган эң сонун отун эмеспи. Анан кантип кара-кече кошуналардын көмүрүнөн зыяндуу экенине түшүнбөй чынында акылым айран таң...

Акыркы жылдары кышкысын борборубуз боз түтүнгө чулганып, экологиялык абалы боюнча дүйнөдөгү эң кир шаарлардын топ башына чыгууда. Быйыл ыштын алдын алуу аракеттери жасалып жаткандай. Июнь айында жылытуу мезгилиндеги шаардын экологиялык абалын жакшыртуу маселеси боюнча жыйында МинКабдын Төрагасы Акылбек Жапаров борбор шаарыбыздын ЖЭБин газга өткөрүү боюнча иштер жасалып жатканын айтты. Эгерде бул ишке ашса ЖЭБде көмүр жагуу 600 миң тоннага чейин кыскарат. Бул дээрлик ЖЭБдин көмүрдү керектөөсүнүн жарымынан көбү дегендик. Ошондой эле шаар мэри Эмил Абдыкадыровдун айтымында шаардагы 22 отказан газга өткөрүлөт. Мындан тышкары ал тигүү өндүрүшүнүн жана резина калдыктарын (дөңгөлөк) сатып алуу маселеси каралууда деген эле. “Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасынын директору Надыр Бекжановдун айтуусу боюнча быйыл Бишкек ЖЭБине абага зыяндуу заттарды бөлүп чыгарууну азайтуучу фильтрлер коюлган. Алар ар убак көзөмөлдө болуп, зарылчылыкка жараша алмаштырылып турат деп ишендирүүдө. Буларга кошумча учурда шаардык транспортту газ менен жүргөн унааларга алмаштыруу багытында иштер уланып жатат.

Шаарды бүт тарабынан курчап жайгашкан жаңы конуштарда үйдү жылытууну газга өткөрүү үчүн андагы жашоочуларга үстөк пайызсыз жеңилдетилген насыяларды берүү боюнча быйыл 3-майда Жогорку Кеңеш токтом кабыл алган. ЖК токтому түштүк борборубуз Ош шаарына да тиешелүү. Бул максатта жалпы 2 млрд сом керектелет.

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

# ЖАҢЫ АВТОБУСТАР, ЖАҢЫ МАСЕЛЕЛЕРДИ ЖАРАТТЫ



***Баш калаабыз Бишкекке жаңы автобустар келди дегени менен маселе кайра курчуду. Жүргүнчүлөрдүн наааразычылыгы күчөдү. Бир сөз менен айтканда жаңы автобустар, жаңы маселелерди жаратты.***

Мунун себеби эмнеде? Биринчиден, мэриянын транспорт тармагындагы реформасы казанга эч нерсе салбай, түбүнө от жагып тамак жасап жатабыз дегендей таризде жүрүп баратат. Анткени, жүргүнчүлөрдү ташуучу транспортту ишке киргизүүнүн, төлөмдөрдү натыйжалуу топтоонун так механизмдеринин жоктугунан орто жолдо шаардыктар кыйналып жатат. Биринчи маселе, ушул жылдын 20-августунан тарта Бишкектеги автобус жана троллейбустарда накталай эмес төлөмдөр гана иштей баштайт деп билдирген мэрия. Бирок, бул долбоору дагы элдир-селдир ишке аша баштады. Тагыраагы калаа тургундарына түйшүк жаратты. Буга албетте, мэриянын тиешелүү мекемелери күнөөлүү. Эгерде накталай эмес төлөмдөрдүн таржымалына токтоло турган болсок, бул долбоордун кураторлору 2020-жылдын март айына чейин бардык көйгөйлөрдү чечүүгө убада беришкенин жалпыга маалымдоо каражаттары жазып чыгышкан убагында. Бирок, пандемияга байланыштуу ишке ашыруу мөөнөтү бир аз узартылган экен. 2021-жылдын октябрында бишкектиктерге жаңы жылдан кийин коомдук транспортто накталай акча төлөө мүмкүн эместиги айтылган. Андан кийин Бишкек мэриясы 2022-жылдын 1-июлунан тарта автобус жана троллейбустарда «Тулпар» электрондук билет системасы аркылуу накталай эмес төлөмдөр гана кабыл алынарын, бул системаны швейцариялык BPC AG компаниясы иштеп чыкканын дал ушул Бишкек мэриясынын өкүлдөрү билдирген. Тилекке каршы, Бишкек шаарынын мэри Эмилбек Абдыкадыров муниципалдык коомдук транспортторду накталай эмес төлөмдөргө өткөрүү мөөнөтүн кийинки мөөнөткө жылдырууну чечип, мындай чечим шаардыктардын өтүнүчү менен кабыл алынганын, жүргүнчүлөр “Тулпар” карталарын сатып алууга үлгүрбөй калганы менен түшүндүрүшкөн мэриянын басма сөз кызматы. Ошо кезде “Тулпар” карталарын сатып алуу маселеси жаралган болчу. Арадан бир жыл өттү, абал ошондой эле. Бишкек мэриясы эч кандай даярдыксыз келгени элди кыйноого салды.

Экинчи маселе, Бишкек мэриясы “Кытайдан 1000 автобус сатып алабыз” дегени менен транспортторду токтотуучу, оңдоочу жайлардын жоктугу, айдоочулардын тартыштыгы өзүнчө түйшүк жаратты. Техника деген техника. Эгерде автобус бузулуп




калса кайсыл жерден оңдошот жана кимдер оңдошот? Маселе барбы? Бар!..

Үчүнчү маселе, коомдук транспорттун жол киресин 20-22 сомго чейин көтөрүү керектигин шаардын вице-мэринин милдетин аткаруучу Максатбек Сазыкулов айтып чыкты. Ал жол кирени көтөрүүнүн негизи дизель майынын, газдын, электр энергиясынын, тетиктердин кымбаттаганына байланыштырып, “Тарифтер жок дегенде чыгымдарды жабуу керек. Эгер бул аткарылбаса, эки жылдан кийин кайрадан эски автопарк жана транспорттук коллапс болот», - деди. Шаардык чиновник накталай эмес төлөмдөрдү натыйжалуу ишке ашырып, анан тыянак чыгарса болмок. Анткени, калаа тургундарынын баары кынтыксыз жол кире төлөсө, балким, чыгым акталар. Буга чейин маршруткалардан топтолгон акчалар кимдир бирөөлөрдүн “чөнтөгүнө” кетчү эле да. Накталай эмес төлөм долбоорун көрбөйлүбү, биринчи, аттап-буттап реформа жасабай! Жол кирени көтөрүү демилгеси ойлонбой жазылган токтомго окшоп калды.

“Бишкектин коомдук транспортторундагы жол кирени 20-22 сомго чейин көтөрүү – элди талап-тоноо.” деп жазды Жогорку Кеңештин депутаты Тазабек Икрамов Фейсбуктагы расмий баракчасына. “Кээ бир үй-бүлөлөрдүн беш-алты окуучусу, студенттери бар. Алардын жол киреси үй-бүлөлүк бюджетке орду толгус зыян алып келет” деген эл өкүлү катуу маселе койду.

Ал эми Жогорку Кеңештин депутаты, Марлен Маматалиев, 22 сомго чейин жол кирени көтөрүүнүн кереги жоктугун билдирип, мектеп окуучуларынын коомдук транспортто жүрүүсүнө шарт түзүүнү сунуштады. «Ошто бензин жана солярка кымбат, бирок, ал жакта окуучулар үчүн жол кире 5 сом», - деп билдирди.

Баш калаабызда жүргүнчүлөрдү тейлөө маселеси бир кылка жүрбөгөнүн мэрия моюнга алышы керек. Шаар мэри Эмилбек Абдыкадыров шаарды өнүктүрүү боюнча ири долбоорлор менен алек болуп, масштабдуу иштерди жүзөгө ашырууга жан үрөгөнү менен анын жан жөөкөрлөрү болгон орун басарлары, башкармалыктын башчыларынын иш-аракети көп учурда жалпы мэриянын ишмердүүлүгүнө “көө” сүйкөп коюшууда. Себеби, мамлекет башчысы баш болуп шаардыктарды транспорт менен камсыз кылууга жетишип жатканы менен мэриянын тиешелүү жетекчилери элди кыйнабай ийкемдүү иш алып барууда чабалдык кылышууда.

**Шекербек КАЛЫКОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



# КУМДУУ ЧӨЛДҮН ОРТОСУНДАГЫ ЖАШЫЛ МЕЙКИНДИКТЕ



***China news service (Кытай жаңылыктар кызматынын) Синьцзяндагы филиалынын түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгына карата уюштурулган иш-чара үстүбүздөгү жылдын август айынын аягында Кытай Эл Республикасынын Синьцзян-Уйгур автономиялуу районунун борбору Үрүмчү шаарында өттү.***

Маарекеге арналган конференцияда жалпыга маалымдоо каражаттарынын дүйнөдөгү ыкчам, объективдүү маалыматтарды жеткирүүдөгү, өлкөлөр ортосундагы ынтымакты ширетип, достук, маданий байланыштарды чыңдоодо жана өнүктүрүүдө ролу эбегейсиз экендиги жана тажрыйба, маалымат алмашуу, мүмкүнчүлүктөр, келечек, медиа өнөктөштүк тууралуу кеп болуп, баяндамалар жасалды. Кытай лидери Си Цзиньпиндин 10 жыл мурда ишке кирген “Бир алкак, бир жол” демилгеси дүйнөлүк экономиканын өсүшүнө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып, эл аралык соода, инвестиция үчүн жаңы платформаны түзө алгандыгы, Улуу Жибек Жолун кайра жандандырууда Борбордук Азия өлкөлөрү менен Кытай мамлекетинин ортосундагы тыгыз кызматташтык, ишке ашырылып жаткан ири долбоорлор гүлдөп өнүгүүгө, туруктуулукка багыт алары жөнүндө кеңири сөз болду.

Конференцияга Борбордук Азиядан барган жана Синьцзяндагы ММК каражаттарынын өкүлдөрү катышты. Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан Республикаларынан КазТАГ, DKNews,”Podrobno.uz”, “UzDaily.uz”, “Ренессанс TV”, ж.б.у.с. ЖМК жана медиа чөйрөсүндөгү өкмөттүк эмес сектордун, Кыргызстандан КР Жогорку Кеңешинин депутаты Карим Ханжеза, «Кабар» маалымат агенттигинен, «Кыргыз Туусу», «Слово Кыргызстана», «Эркин-Тоо» газеталарынан, «Борбордук Азиянын медиа фонду” коомдук фондунан, «Вечерний Бишкек», “Жибек Жолу” гезитинин сайтынан жетекчилик курамдын өкүлдөрү катышты.

## ЖАР ҮСТҮНДӨГҮ УРАНДЫ ШААР

Барган күндүн эртеси Борбордук Азиядан келген журналисттер тобу менен Кытайдын Синьцзян-Уйгур автономиялуу районундагы Турпан шаарынан 10 км батышта жайгашкан Ярназ өрөөнүндөгү Цзяохэ деген 2300 жылдык тарыхы бар байыркы шаарга бардык. Бул эки терең дарыя өрөөнүнүн ортосундагы жалбырак сымал платодогу тик жардын үстүндө орнотулган табигый чеп. Ал убагында соода-сатык иштеринде Батышка алып баруучу Улуу Жибек Жолунун боюнда чоң ролду ойногон. Салыштырып айтканда, маанилүүлүгү боюнча азыркы Казакстандагы Хоргос шаарындай болгон деп айтсак жарашат. Хан доорунда салынган табигый дубалдары бар шаар XIII кылымда Чыңгызхандын монгол баскынчылыгы тарабынан тыптыйпыл болуп талкаланыптыр.

Бир убактагы соода кербендери өткөн бака-шака түшкөн жандуу шаар бүгүнкү күндө мурдагы жашоосу жок, тыптынч, куттуу, баяндуу жайга айланган. Анын тарыхы, басып өткөн жолу азыр туристтер үчүн абдан кызык. Күнүнө бул жерге 3 миңдей турист кирип чыгат. Кире беришинде шаардын картасын, анын мурда кандай болгонун көрүүгө болот. Азыр көргөнү келген адамдар үчүн баарын ыңгайлуу кылып жасап коюшкан. Басылган таман таштар менен жогору көздөй оңой эле чыгууга болот. Шаардын жалпы масштабын көрүү үчүн атайын жабдылган байкоочу аянтчасына чейин чыктык. Күн абдан ысык. Таң калыштуусу, көптөгөн имараттар менен кошо будда храмдарынын имараттары эң жакшы сакталган. Бул жердин топурагынан сапал табактар, идиш аяктар жасалат.



Борбордук Азиядан барган журналисттер үчүн уюштурулган иш-чарада

## ТУРПАН КЕРЕМЕТТЕРИ

Турпан Кытайдын эң ысык шаары. Чөлдүн ортосундагы жашыл оазис. Дүйнөдөгү эң кургак жерлердин бири болгон Турпан шаарын жергиликтүүлөр «От өлкөсү» деп аташат. Жайында абанын басымы +50 Сге чейин жетерин айтышты. Ал Улуу Жибек Жолундагы маанилүү соода жана маданий борбор гана болбостон, байыркы кербен жолунун түндүк тармагындагы стратегиялык пост болгон. Шаар ар тараптан чөлдөр жана тоолор, кыйраган орто кылымдагы шаарлар жана байыркы конуштардын калдыктары менен курчалган.

Синьцзян өзүнүн уникалдуу 2000 жылдык тарыхы бар жер астындагы ирригациялык системасы (карез) менен белгилүү. Карез Улуу Кытай дубалы, Пекин-Ханчжоу чоң каналы менен бирге "Байыркы Кытайдын үч кооз жери" деп аталат. Турпан шаары ошондой эле жүзүм галереясы менен да белгилүү. Кумдуу чөлдүн ортосундагы миңдеген гектар жашыл мейкиндиктер көз жоосун алат. Турпанда кургак климатка карабастан, мөмө-жемиштердин ар кандай түрлөрү өстүрүлөт: курма, анар, шабдалы, коон, ошондой эле буудай жана пахта, эң кеңири таралган мөмө-жемиши – жүзүм. Кооз жүзүмзарларда жүзүмдүн жүздөгөн ар кандай сорттору абдан көп өлчөмдө өстүрүлүп, миллиарддаган кытай элин камсыз кылып, калганы дүйнө жүзүнө экспорттолот. Кытайдын таттуу жүзүмүнүн түрлөрүнөн биз да ооз тийип калдык. Жүзүм жергиликтүү элдин эмгеги, мээнети жана киреше булагы.

Шаардын базарларында жергиликтүү тургундардын сүймөнчүлүгү катары эсептелген жүзүмдүн түрдүү сортторунун кургатылган жемиши сатылат. Турпанды Кытайдын “жүзүм борбору” деп атаганы да бекеринен эмес тура.

## ЖЕР АСТЫНАН КЕЛГЕН ТОО СУУЛАРЫ

Карездер азыр негизинен Турпан жана Хами шаарларында бар. Алар төрт бөлүктөн турат, негизги бөлүгү жер астында.

Учурда Синьцзяндагы алты жүздөн ашык карездин төрт жүздөйү Турпанда жайгашкан. Кээ бир айылдарда карездер бүгүнкү күндө да сугаруу иштеринде, экологиялык жактан нукура булак суусу болгондуктан, ичүүчү суу катары да колдонулат. Акылман синьцзяндыктар убагында эңкейиштерди пайдаланып, жердин асты менен келүүчү суу системасын жаратышкан. Карездердеги суу ысыктан же катуу шамалдан бууланбайт, ошондуктан андагы суунун агымы туруктуу болуп, жергиликтүү талааларды тынымсыз сугарып турат. Аларды эмнеге жасашкан деген суроо туулушу мүмкүн. Ошол кездерде табигый шарттарда жаан-чачын болбой, кургакчылык болуп, жер үстүндөгү суулар абдан аз болгондуктан, муктаждыктан улам адамдар жер астындагы сууларды пайдаланууга көңүл буруп баштаган. Зарылчылыктан улам аларды пайдаланууга өтүшүп, айыл чарба өндүрүшүнүн талаптарын канааттандыруу үчүн сугат аянттарын кеңейтишкен.



Синьцзяндагы карездин көрүнүшү

Байыркы заманда экономикалык жана техникалык жактан чектелген шарттарда карездерди жасоо суу чыгаруунун идеалдуу жолу болгон. Ал турпандыктар үчүн жашоо булагына айланган.

Турпандагы биз көргөн карездер негизинен Цин династиясынын тушунда пайда болгон. Алар азыркыга чейин сугат үчүн пайдаланылат. Келген туристтер байыркы замандардан бери колдонулуп келе жаткан жер астындагы тынымсыз аккан тоо сууларынан көзүн албай, алардын тарых таржымалын угууга кызыгышты.

1992-жылы Турпан шаарында Карез паркы түзүлгөн. Ал Синьцзян-Карез институту тарабынан карез жөнүндөгү маалыматтарды изилдөө жана жайылтуу максатында түзүлгөн. Азыр Карез паркы жыл сайын миңдеген туристтерди кабыл алган эң популярдуу жана атактуу туристтик жайлардын бири. Жогоруда айткандай, Турпан оазисинин сугат системасы, Улуу Кытай дубалы, Чоң канал сыяктуу кытай инженериясынын кереметтери менен бир катарда турат.

Шаардын тургундары ынтымактуу жана меймандос келишет экен. Турпан өзүнүн климаттык өзгөчөлүгүнө карабастан, Синьцзяндагы калк жыш жайгашкан шаарлардын бири. Калкынын көбү (70%) мусулман уйгурлар. Шаарда көптөгөн үй-бүлөлөр жүзүм бизнеси менен алектенишет. Алардын күнүмдүк жашоосу Синьцзяндын башка шаарларынан айырмаланат.

*(Уландысы бар)*

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**
**Бишкек–Үрүмчү–Бишкек**




Борбордук Азиядан барган жана Синьцзяндагы медиа делегациясынын өкүлдөрү

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫ" АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

"Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинде каралган ири улуттук долбоорлорго инвестицияларды кошо алганда, инвестициялык иштер аркылуу Кыргыз Республикасынын экономикасын диверсификациялоо жана дем берүү боюнча "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы" ачык акционердик коомунун ишинин өзгөчөлүктөрүн эске алып, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы бир айдын ичинде "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталган негизги максаттарды жана милдеттерди "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы" ачык акционердик коому тарабынан аткарылышын камсыз кылуу үчүн убактылуу мүнөздөгү "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Башкармасынын токтомунун долбоорун иштеп чыксын.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Башкармасынын аталган токтомунун колдонуу мөөнөтү ушул Жарлыктын 2-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан иштелип чыккан "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр күчүнө киргенге чейин аныкталсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бир айлык мөөнөттө "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы" ачык акционердик коомунун ишинин негизги максатына жетүү үчүн "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин.

**3.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 8-сентябры, ПЖ №217***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2012-ЖЫЛДЫН 10-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №85 «МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫ, АЛАРДЫН ТҮЗҮМДҮК БӨЛҮМЧӨЛӨРҮ ЖАНА ВЕДОМСТВОЛУК МЕКЕМЕЛЕРИ КӨРСӨТҮҮЧҮ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН БИРДИКТҮҮ РЕЕСТРИН (ТИЗМЕГИН) БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жарандарга жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 «Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестринде (тизмегинде):

- «Изилдөө, талдоо, баалоо жана экспертиза кызматын көрсөтүү» 5-главасы төмөнкүдөй мазмундагы 67, 68-пункттар менен толуктালсын:

«

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 67 | Курулуш конструкцияларынын жана текстиль материалдарынын өрткө карты иштелип чыккан сапатын баалоо боюнча лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү | ӨКМ | ӨКМ | Акы төлөнөт |
| 68 | Курулуш материалдарынын өрт-техникалык мүнөздөмөлөрүн аныктоо боюнча сыноолорду өткөрүү | ӨКМ | ӨКМ | Акы төлөнөт |

».

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 28-августу, №438***

## БАЖЫ ИШИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР (УЮМДАР) МЕНЕН МААЛЫМАТТЫК ВЕДОМСТВОЛОР АРАЛЫК ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮН УЮШТУРУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Бажылык жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 92, 174-беренелерин ишке ашыруу, бажы иши чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын (мындан ары - мамлекеттик органдар) ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүсүн уюштурууну жакшыртуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын мамлекеттик органдар (уюмдар) менен маалыматтык ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүсүн уюштуруу тартиби (мындан ары - Тартип) тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Түндүк" мамлекеттик мекемеси менен биргеликте төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) тышкы экономикалык иш чөйрөсүндөгү уруксат берүү документтерин (маалымдарды) берүүнү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдардын (уюмдардын) (мындан ары - мамлекеттик органдар (уюмдар) Тартипке ылайык ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү маалыматтык-техникалык ишке ашыруу боюнча ишин координациялоону;

2) автоматташтырылган маалыматтык өз ара аракеттенүү технологиясын ишке ашырууда колдонулуучу программалык каражаттарды коштоо жана модернизациялоо, ошондой эле ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн алкагында электрондук сервистердин иштөөсүнө мониторинг жүргүзүү боюнча иштерди уюштурууну;

3) "Түндүк" электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасында электрондук түрдө маалыматтык өз ара аракеттенүүнүн сервис-карталарынын иштөөсүн.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 28-августу, №440***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ АРХИТЕКТУРА, КУРУЛУШ ЖАНА ТУРАК ЖАЙ-КОММУНАЛДЫК ЧАРБА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн ишин оптималдаштыруу жана ишин каржылоо маселесин жөнгө салуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

- 15-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | |
|---|---|---|---|
| 15 | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги | 187 | 13 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 48 | 6 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү | 139 | 7 |

".

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы №260 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин айрым маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 3-пунктта:

- экинчи абзацтагы "финансылык каражаттардын жана бекитилген штаттык санынын" деген сөздөр "бекитилген финансылык каражаттардын" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- республикалык бюджеттин эсебинен каржылануучу Мамлекеттик архитектура-курулуш контролдоо департаментин жана Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаментин жана Баа түзүү жана сметалык ченемдөө республикалык борборуна каралган 3 штаттык бирдикти кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин ведомстволук бөлүмдөрү 2023-жылдын 1-январынан тартып өзүн-өзү каржылоого өтөрү.";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин алдындагы Баа түзүү жана сметалык ченемдөө республикалык борбору жөнүндө жободо:

- 15-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 4-пунктча менен толукталсын:

"4) республикалык бюджет.".

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги:

1) өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

2) ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 4-сентябры, №442***

## УСТАВДЫК КАПИТАЛЫНДА АКЦИЯЛАРДЫН МАМЛЕКЕТТИК ПАКЕТИ (КАТЫШУУ ҮЛҮШҮ) БАР ЧАРБАКЕР КООМДОРДО КОРПОРАТИВДИК БАШКАРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Уставдык капиталында мамлекеттин катышуу үлүшү бар чарбакер коомдордо корпоративдик башкарууну өнүктүрүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Акциялардын мамлекеттик пакети (катышуу үлүшү) бар чарбакер коомдордун башкаруу органдарына мүчөлөрдү тандоо жана көрсөтүү тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 27-майындагы №274 "Мамлекеттик үлүш катышкан чарбакер коомдордун башкаруу органдарына мүчө кызмат ордуна талапкерлерди мамлекеттик органдар тарабынан тандоо жана көрсөтүү маселелери жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №341 "Кыргызиндустрия" ачык акционердик коомун түзүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 7-пункту;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-мартындагы №109 "Уставдык капиталында мамлекеттик үлүш катышкан чарбакер коомдун ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун 3-пункту;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-сентябрындагы №486 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 27-майындагы №274 "Мамлекеттик үлүш катышкан чарбакер коомдордун башкаруу органдарына мүчө кызмат ордуна талапкерлерди мамлекеттик органдар тарабынан тандоо жана көрсөтүү маселелери жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу токтому.

**3.** Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

**Бишкек ш., *2023-жылдын 4-сентябры, №445***

САНЫНА ГАНА ЭМЕС, САПАТЫНА ДА КӨҢҮЛ БУРАЛЫ
www.erkin-too.kg

# КИТЕП ЖЕТИШСИЗДИГИ КӨЙГӨЙ ЖАРАТУУДА




***Кыргызстанда мектептердин көбүндө окуучулардын санынын көптүгүнөн окуу китептери жетишсиз. Бул маселе жыл сайын айтылып келет. Билим берүү жана илим министрлиги Кыргызстанда бардык мектеп окуучуларын китеп менен толук камсыздоо үчүн 5 млрд сомдон ашык каражат талап кылынарын айтты. Мекеменин сайтына чыккан маалыматка ылайык, орто эсеп менен бир окуучуга 10 китеп керек жана бир китептин баасы 300-350 сомду түзөт. Жыйынтыгында өлкөдөгү 2 млн 447 миң 717 окуучуну китеп менен камсыздоо үчүн 5 млрд сомдон ашык акча талап кылынат. Быйыл 1 млн 278 миң нускада окуу китептери, мугалимдер үчүн методикалык колдонмолор жана жумушчу дептерлер басылып чыгып, сентябрь айынан тарта мектептерге жеткириле баштаган. Бул көрсөткүч былтыркыга караганда 10 эсеге көтөрүлгөн. Бирок ошондой болсо да айыл жериндеги мектептерде дагы деле китеп тартыш экенин ата-энелер, мугалимдер жана окуучулар кулак кагыш кылышууда.***

Окуу китептеринин жетишсиздиги жыл сайын чечилбей жаткан көйгөйлөрдүн бири. Аталган маселе окуучулардын билим алуусуна тоскоолдуктарды жаратууда.

- *“Тарых, геометрия, адам жана коом, информатика окуу китептери бизде саналуу гана. Биз өзүбүз 3 класспыз (8а, 8б, 8в). Ар бир класска көп болсо 3 же 4төн тиет. Ошондой эле ал китептер эски. Кээ бир беттери жыртылган, а кээ бир маалыматтар такыр эле жок. 6-7-класста окуп жатканда дагы ошондой эле. Кезек-кезеги менен алып окуганга аракет кылабыз. Бирок 3-4 китеп 35-36 окуучунун кайсыл бирине жетсин? Же маалыматтын баарын танаписте жазып алганга да жетише албайсың да”* **-** дейт 9-класста окуган **Далер Авезов.**

Лейлек районундагы “Билим нуру” орто мектебинин кызматкери **Иззатай Рахманова** мектептердеги китеп жетишсиздиги көп көйгөй жаратат дейт. Ал: *”Биздин мектепте көбүнчө тажик улутундагы окуучулар окуйт. Азыр 6-7-8-9-класстарда кыргыз тили жана адабияты китептери жетишсиз. Бул болсо окуучулардын биринчиден, кыргыз тилин үйрөнүүсүнө, экинчиден, алардын билим деңгээлине залакасын тийгизүүдө. Олимпиадаларга катышуу үчүн дагы китептер биринчи ролду ойнойт. Ошондуктан китептерди окуучулар өздөрү сатып алышы керек. Бирок дагы бир маселе – көп балалуу үй-бүлөдө ата-эне бардык балдарына китеп сатып алууга чамасы жетпейт. Ошол себептен аларга жеңилдиктерди карап, окуу китептерин мамлекеттик деңгээлде колго алыш керек”*, - дейт.

Баткен облусунун Андарак айылынын тургуну **Назиранын** төрт баласы мектепке барат. Ал айыл жергесинде китеп жетишсиздиги жыл сайын көйгөй жаратаарын айтат. Ал китептердин саны менен кошо мазмунуна, сапатына да көңүл бурушса деген пикирин билдирди.

*“Азыркы китептердин сапаты аябай начар. Бир кармасаң эле жиптери сөгүлүп, бири-биринен ажырап кетет. Китептердин көбү эски. Айылда жашайбыз. Төрт балам бар, 11-класс, 8-класс, 5-класс жана 3-класста окушат. Мектептеги китептердин саны аз болгонуна байланыштуу сатып алганга туура келет. Бирок, бир китеп 250-300 сомдон, бул баа шартка туура келе бербейт. Айыл жергесинде жашаган ар бир ата-энеге, айрыкча көп балалуу үй-бүлөгө кымбатка турат. Алып бербейин десең балаң билимсиз калат. Айтор, баштагыдай бири-бирине бере турган сапаттуу китептер чыкпай калды. Китептердин сапаты жыл сайын начарлоодо”.*

**«Билим нуру» мектебинин тарых мугалими Рустам Джапаров:**

*“Тарых китептери 7-8-класстарда дээрлик жок. 9-10-11-класстагы балдардын 30%ында гана бар. Мындай учурда алар теманы толук түшүнө албай, толук маалымат ала албайт. Бир эле мугалимдин айткандары, жаздыргандары менен чектелип калышат. Бул болсо окуучулардын тарыхты билүүсүнө тоскоолдук жаратат. Анын үстүнө тарых сабагы аптада бир жолу гана болот.”*

Аталган мектептин окутуучусу Обидова Мубинанын пикиринде, мектеп балдарды китеп менен толук кандуу камсыздай албаса, жок дегенде электрондук вариантын сайттарга киргизип койсо болот. Балдар ал жерден ПДФ-форматында көчүрүп алып окуй берет. Ошондой эле бул нерсе мугалимдерге да пайдалуу болот.

Кошумчалай кетсек, министрликтин айтымы боюнча быйыл жаңы окуу жылына карата окуу методикалык комплекстерди даярдоого жана сатып алууга республикалык бюджеттен 152 миллион сом бөлүнгөн. Азыркы учурда 36 882 920 сомго 136 320 нуска басылып чыккан. Алардын басымдуу бөлүгү 7-8-класстын окуучуларына арналган. Ошондой эле сентябрдын ортосунда «Алиппе» китебин басып чыгаруу пландалып жатат. Алдыда дагы миллиондон ашык китеп даярдалууда.

**Мехрафруз НАБИЕВА,**
**Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин 4-курсунун студенти**











# ДҮЙНӨ ДҮБҮРТҮ



✷ **Түштүк Кореяда** 4-сентябрда 120 миңге жакын мектеп мугалимдери өлкө боюнча митингдерди өткөрүштү. Анын ичинен 50 миңге жакыны Сеул шаарында чогулуп, кореялык ата-энелерге наазы экендиктерин айтышты. Митинг уюштурган мугалимдер корей бийлигинен алардын укуктарын коргоону талап кылышты. Анткени, акыркы алты жылда Түштүк Кореяда 100дөн ашык мамлекеттик мектептердин мугалимдери өз жанын кыйган. Алардын жарымынан көбү төмөнкү класстарда иштеп, ата-энелердин кысымына чыдабай калгандыктарын айтышканы белгилүү болду. Мыйзам боюнча Түштүк Кореяда иш таштоого катышкан мугалим кызматынан кол жууйт. Бирок, бул учурда бийлик ата-энелер тарабынан кысымга кабылган мугалимдерге колдоо көрсөтүүнү убада кылды.

✷ **Индиянын** өкмөтү өлкөнүн атын “Бхарат” деп хинди тилинде өзгөртүүнү сунуш кылышы мүмкүн экендигин билдирди. Бул маселени парламент сентябрь айындагы кезексиз жыйынында карайт. Индиянын Конституциясына ылайык, өлкөдө эки расмий тил иштейт. Алар англис жана хинди тили болуп саналат. Андыктан англис тилинде өлкө Индия, ал эми хинди тилинде – Бхарат деп аталып келет.

✷ **Болгарияда** апта башында нөшөрлөп жааган жамгырдан улам каза болгондор жана дайынсыз жоголгондор катталды. Болгариянын Ички иштер министрлиги 6-сентябрда Кара деңизге жакын, туристтер көп барган Царево калаасында эки эркек жана бир аял каза болгонун, эки аялды издөө иштери уланып жатканын билдирди. Нөшөрдөн улам дарыяларда суу ташкындап, көпүрөлөрдү агызып кеткени, эки дамба бузулганы, жер көчкү болгону тууралуу жергиликтүү маалымат каражаттары кабарлады. Полиция көптөгөн имараттарды суу каптаганын, электр жарыгы өчүрүлгөнүн маалымдады.

✷ **Түркиянын** Стамбул жана Кыркларели калаасында да 5-сентябрь күнү сел жүрүп, алты адам набыт болгону белгилүү болду. Грецияда да суу ташкынынан бир нече адам каза болгон. Эки апта мурда ошол эле өлкөлөрдө ысык аба ырайы катталып, токой аянттары өрттөнгөн.

✷ Айрым өлкөлөрдө сел жүрүп жатса, Дүйнөлүк метеорологиялык уюм дүйнөдө глобалдык коркунуч пайда болгонун өз докладында жар салды. Ал коркунуч “Абанын булганышы болот” дешти синоптиктер. Уюм дүйнөдө ысык аба ырайынын узак мөөнөткө созулушунан улам аба бузулуп жатканын айтты. Андыктан климаттын ысышын токтотуу үчүн күчтүү өнөктөштүктүн, инвестициянын көбөйүшүнүн жана жалпы жоопкерчиликтин зарылдыгы белгиленди. Окумуштуулар келечекте аптаптуу ысык аба ырайы күчөп, токой аянттары көп өрттөнөрүн айтышты.

✷ **АКШ** 6-сентябрга караган түнү Minuteman III - континенттер аралык баллистикалык ракетасын сынады. Дүрмөттөлбөгөн ракета Калифорниядагы Ванденберг аскердик базасынан учурулган. The Moscow Times басылмасы АКШ жыл башынан бери өзөктүк кубаты бар континенттер аралык баллистикалык ракеталарды үчүнчү ирет сыноодон өткөргөнүн жазды. Басылма бул сыноо Москва Украина согушунун тушунда, орусиялык айрым чиновниктердин өзөктүк куралды айтып коркутуп сүйлөгөн маалда болуп жатканын белгиледи. АКШ армиясы Minuteman III ракеталарын 1970-жылдардын башынан бери колдонот. 15 миң км чейин жеткен ракета 0,3-0,6 мегатоннага чейин өзөктүк дүрмөттөрдү алып жүрүүгө жөндөмдүү. Учурда АКШда 400гө жакын Minuteman III бар.

✷ **Өзбекстанда** көп аял алууну коомго жайылткандарга, аялдар менен эркектердин тең укуктуулугун таанybагандарга жаза колдонуу сунушталууда. “Кылмыш жана административдик жоопкерчилик жөнүндөгү кодекске" өзгөртүү жана толуктоо киргизилип жатканын парламенттин басма сөз кызматы 5-сентябрда билдирди. Өзбек парламенти өлкөдө коомдук жайларда бети-башын чүмкөп жүргөндөрдү административдик жазага тартууну да сунуштап жатат. Мыйзам долбоору эки окууда жактырылды. Документте диний, улуттук, этностук өзгөчөлүгүнө карап басынтууга тыюу салынып, мыйзамдуу никеси жок жуптарга диний нике кыйгандардын жоопкерчилигин кароо белгиленген. Эгер мыйзам долбоорун Сенат жактырып, президент кол койсо мыйзам күчүнө кирет жана көп аялдуулукка бөгөт коюлмакчы.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



№72 (3521)
2023-жылдын 8-сентябры

ЭМГЕК КЫЛСАҢ
– ӨНМӨК БАР!
www.erkin-too.kg

## Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–аким Баратбек СЫДЫКНАЗАРОВ:

# “АДМИНИСТРАТИВДИК-АЙМАКТЫК ИНВЕСТИЦИЯ ТАРТУУГА МҮМКҮНЧҮЛ



**МАЕКТЕШ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ:**

**Сыдыкназаров Баратбек Жалалбекович, 1978-жылдын 18-августунда Талас облусунун Киров районундагы Ак-Башат айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.**

**1995-жылы Ак-Башат айылындагы Кара-Сай атындагы мектепти аяктаган. 1998-жылы Кыргыз-Россия билим берүү академиясына тапшырып, 2006-жылы “Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу” адистигинин менеджер квалификациясына ээ болгон. 2007-2010-жылдары Кыргыз улуттук университетинин “Экономика жана мекемени башкаруу” факультетине тапшырып, экономист адистигин алган.**

**Эмгек жолун 2002-жылы Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Ала-Арча жаратылыш паркында инспектор кызматынан баштаган. 2004-2009-жылдары Кыргыз Республикасынын социалдык фондунун киреше бөлүмүнүн жетектөөчү адиси, башкы адиси, 2009-2011-жылдары Кыргыз Республикасынын социалдык фондунун төрагасынын жардамчысы, 2011-2015-жылдары Кыргыз Республикасынын социалдык фондунун Талас райондук башкармалыгынын башчысы, 2015-2016-жылдары Кыргыз Республикасынын социалдык фондунун Кара-Буура райондук башкармалыгынын башчысы, 2016-2021-жылдары Талас облусунун Кара-Буура райондук мамлекеттик администрация башчысы – аким, 2021-жылдын 22-майынан баштап Сузак райондук мамлекеттик администрация башчысы-акими кызматында.**

**2018-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ардак Грамотасы менен сыйланган.**

**Үй-бүлөлүү. Эки уул, бир кыздын атасы.**

**- Баратбек Жалалбекович, Сиз менен аптаптуу жай мээлүүн күзгө тогошуп турган мезгилде маектешип олтурабыз. Жакында эле Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн 32 жылдыгын салтанаттуу майрамдадык.**

**Сузак району өлкөдөгү калкынын саны боюнча Кара-Суу районунан кийинки экинчи орунда турат. Элестүү айтканда, камыштай калың калкы бар сузактын бүгүнкү жашоосу, жетишкендиктери тууралуу азыноолак кеп кылсак...**

- Оболу, Эгемендүүлүктү баарыбызга кут кылсын! Сузак районунун 13 айыл аймагында 130 айыл бар. Анда 57051 кожолук жашап, калктын саны 314750 адамды түзөт. Мында 30дан ашуун түрдүү этностор жашайт. Биз милдетибизге жараша Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын, Министрлер Кабинетинин коюп жаткан тапшырмаларын жалпы эл менен менен бирдикте турмушка ашырууга далалаттанабыз.

Быйылкы жылдын өткөн жарым жылында бардык өндүрүлгөн продукциялардын дүң жыйымы 5 млрд 948 млн 346 миң сомду түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 324 млн 601,9 миң сомго ашыкча өндүрүлгөн. Өсүү темпи 105,8 % көтөрүлдү. Анын ичинде айыл чарба продукцияларынын дүң жыйымы 4 млрд 91 млн 595 миң сомду түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 212 млн 583,9 миң сомго ашыкча өндүрүлдү.

2023-жылга карата айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоо аянттарынын түзүмү болжолдонгон. Бардык айдоо жер 44426 га, анын ичинен сугаты 25025 га, кайракы жер аянттары 19401 га. Ал эми мамлекеттик жер фондунун айдоо жери 8063,97 га, мындан сугаты 4361,97 га, кайракысы 3702 гектар.

Район боюнча бардык дан эгиндери 22805 га аянтка эгилди (дандык жүгөрү аянты менен кошо) же болбосо өткөн жылга салыштырмалуу 953 га жерге көп эгилген. Россия Федерациясынан келген 90 тонна 1-репродукциядагы арпа, 10 тн. жаздык буудай үрөнү “Айыл банк”, РСК банк аркылуу дыйкандарга 3 жылдык мөөнөткө насыяга берилди.

Райондун аймагындагы жалпы 19,66 га жер аянтына курулган 360 даана күнөсканада 1100 тн. жашылча, 20 тн. цитрус өндүрүлдү. Айыл аймактары боюнча алсак Сузак айыл аймагында 36, Ырыста 105, Таш-Булакта 109, Кара-Дарыяда 6, Атабековдо 20, Барпыда 30, Кызыл-Туу 46, Багыш айыл аймагында 8 даана күнөскана иштеп жатат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 07.02.2022-ж. №66 токтомунун негизинде Ырыс айыл аймагына караштуу Сасык-Булак участкасынан жалпы 13,0 га жер аянты өнөр жай багытына которулган. Анын 2,0 га жер аянтына 30 млн сомго кубаттуулугу суткасына 100 тн. сүттү кайра иштетүүчү ишкана ачылды. Андан сырткары 3,0 га жер аянтына мөмө-жемиштерди кайра иштетүүчү ири ишкана куруу “Аманат Роуддун” жоопкерчилигине каралып, 8,0 га жер аянты ЕАЭБдин талаптарына жооп берген логистикалык борбор курууга ажыратылып КРнын Экономика жана коммерция министрлигине сунушталды.

Ал эми Барпы айыл аймагынын Курук-Сай участкасынан да 13,0 га жер аянты өнөр жай багытына которулду. Андан 4,0 га жер аянты “Орис НПЗ” ЖЧКсына ажыратылып берилип, учурда 3,0 млн АКШ долларына мунайды кайра иштетүүчү ишкананын курулушу жүргүзүлүп, 2 га жер аянтына 25 млн сомго “Курук-Сай кыш заводу” ишканасы курулуп ишке берилди.

**- Сузактын эли негизинен дыйканчылык менен алектенет эмеспи. Суугат суу маселеси көйгөй жаратпайбы?**

- Райондук суу чарба башкармасында 146,4 км чарбалар аралык каналдар болуп, мунун 85 км жер канал, 61,4 км бетон канал. Гидротехникалык курулмалар 217 дааны түзөт. Суу өлчөөчү курулмалар жалпысы болуп 110 даананы түзөт. 2023-жылга 38,1 км каналдарды механикалык тазалоого пландаштырылып, иш жүзүндө толук аткарылды.

Быйылкы сугат мезгилине каналдарды тазалоого, гидро техникалык курулмаларды оңдоого жана насостук станцияларды ремонттоого, жаңы насостук агрегаттарды сатып алууга жалпы 31 547,0 млн сом бюджеттен бекитилген.

**- Калктын канча пайызы ичүүчү таза суу менен камсыздалган?**

- Район аймагындагы 130 айылда 314750 калк (57051 кожолук) жашаса, анын 116 айылда (49921 кожолук) 278196 адам таза суу менен камсыз болгон. Жалпы калктын 90,2% түзөт, калган 9,8% калктуу конуштарды таза суу менен камсыз кылуу иштери жүргүзүлүүдө.

**- Мамлекет башчысы тарабынан чакан гидроэлектрстанцияларды куруу тапшырмасы берилбеди беле? Суу жөнүндө кеп кылып жатып муну унутуп койгонубуз болбос...**

- Туура. Бул багытта Ленин айыл өкмөтүнүн Жыгач-Коргон айылынан “Бизнес Драйв” ЖЧКсына 4 га жер аянты ажыратылып берилип, кубаттуулугу 2,4 МВт түзгөн 80 млн сомдук чакан ГЭС ишке берилип, ошол эле айыл аймагында “Көк-Арт ГЭС” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан кубаттуулугу 6,7 МВт , жалпы суммасы 630 млн сомду түзгөн ГЭС куруу иштери жүргүзүлүүдө. ГЭС Кыргыз-Өзбек өнүгүү фонду тарабынан каржыланат. Учурда каналдарды бетондоо иштери алынып барылып, 200 млн сомдон ашуун жумуштар аткарылды.

**- Ал эми инвестиция тартуу маселеси кандай чечилип жатат?**

- Инвестиция тартуу, аларды коргоо, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү, элди жумуш менен камсыз кылуу боюнча, 2023-жылдын 6 айында социалдык-экономикалык чөйрөнү жакшыртууга жана өнүктүрүүгө жалпысынан 1 млрд 70 млн 413 миң сомдук ички жана чет өлкөлүк инвестиция тартылып, 2022-жылдын 6 айына салыштырмалуу 358 млн 573 миң сомго ашык тартылган жана өсүү темпи 150,3%ды түздү.

Инвестициянын 2023-жылдын январь-июнь айларында ички инвестиция 961 млн 481 миң сомго, ал эми чет өлкөлүк инвестициянын эсебинен 108 млн 932 миң сомдук инвестиция тартылган.

Анын алкагында, 2023-жылдын 6 айынын жыйынтыгы менен район боюнча 28 жаңы ишкана жана чарбакер субъектилери расмий түрдө каттоодон өтүп, 307 жумуш орду түзүлдү. Анын ичинен: соода-сатык тармагында 20, өнөр жай тармагында 213, айыл чарбасында 2, курулуш тармагында 30, кызмат көрсөтүү тармагында 42 жумуш оруңдары түзүлгөн. Мындан сырткары 313 убактылуу жумуш оруңдары түзүлдү.

Инвестиция жөнүндө сөз кылып жатып республикалык жана жергиликтүү бюджет жөнүндө да айта кетүү эп.

Райондук мамлекеттик салык кызматынын маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-июнь айларына бюджеттин киреше бөлүгүнө 330 млн 308,8 миң сом жыйналып, пландан 22 млн 266 миң сом кем түшүп, бекитилген план тапшырма 93,7% аткарылган. Эгерде өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырсак 83 млн 169,5 миң сомго ашыкча аткарылып, фактыга карата өсүү темпи 133,7%ды түзгөн.



Республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө 125 млн 667,1 миң сом жыйналып, 2022-жылдын

# РЕФОРМАНЫН МАКСАТЫ – ЛҮКТӨРДҮ ЖАРАТУУ”

ушул мезгилине салыштырмалуу 13 млн 648,3 миң сомго ашыкча салык жыйналып, өсүү темпи 112,2% көрсөттү.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 172 млн 101,1 миң сом пландалса, 204 млн 641,8 миң сомго (118,9%га) аткарылган. Тактап айтканда, бардык айыл өкмөттөрү жана Көк-Жаңгак шаардык мэриясы тарабынан киреше бөлүгү толук кандуу камсыздалды.

**- Айыл чарба багытындагы мамлекеттик фонддун жерлерин пайдаланууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан “жең ичинен сүйлөшүү” фактылары орун алып келгендиги белгилүү. Мамфонддун жерлерин өнүктүрүү башкармалыгынын пайдаланууга өткөрүп берүү жагы коомчулукта ачакей пикирлерди жаратып келет...**

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17.12.2021-жылдагы №309 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин 09.09.2022-жылдагы №329 буйругу менен бекитилген жобого ылайык, мамлекеттик фонд эсебиндеги рентабелдүү жерлеринин 50 пайызын же жалпы 11548 га мамлекеттик фонд эсебиндеги жерлердин 4967 га жер аянтын райондук агрардык өнүктүрүү башкармасына мөөнөтсүз пайдаланууга өткөрүп берилген. Анын ичинен 1845 га сугат, 1586 га кайракы, 145 га көп жылдык бак-дарак, 1350 га чөп чабынды жерлер. Пайдалануудагы 4967 га жер аянтына азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу максатында конкурс жарыяланып, 2 үрөнчүлүк чарбасына, 3 асыл-тукум фермердик чарбага, 2 айыл чарба кооперативине жана максаттуу пайдаланган жеке жактарга аштык буудай эгүү шарты менен комиссиянын чечиминин негизинде бөлүнүп берилди.

**- Мамлекеттин саясаттын дагы бир орчундуу талабы – дыйкандар менен фермерлерге колдоо көрсөтүү...**

- Дыйкан-фермерлерди колдоо жана айыл чарба тармагын өнүктүрүү багытында Министрлер Кабинетинин айыл чарбаны каржылоо долбоорунун алкагында (ФСХ №11) өткөн 6 ай аралыгында бардыгы болуп 99 субъектиге 50110,0 миң сом жеңилдетилген насыялар берилди. Анын ичинен талаачылыкка 22 субъектиге 9860,0 миң сом, мал чарбачылыгына 77 субъектиге 40250,0 миң сом берилди. Андан тышкары Кумтөр чакан долбоору аркылуу 157 субъектиге 15070,0 миң сом насыя берилген. Ошондой эле “Айыл Банк” аркылуу жеңилдетилген шартта МТЗ маркасындагы айыл чарба техникалары алынган.

**- Сузак районунун калк жыш жайгашкан айыл өкмөттөрүндө жарандарга жеке турак-жай куруу үчүн жер участокторун берүү маселесинде мыйзамсыздыктар орун алып, жергиликтүү бийлик менен райондук архитектура, “Кадастр” мекемесинин жоон топ кызматкерлерине кылмыш иштери козголуп, камакка алынган. Айтайын дегеним, Президенттин “Жерлерди өзүм билемдик менен мыйзамсыз ээлеп алуу фактыларын алдын алуу жана болтурбоо боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгы канчалык деңгээлде аткарылып жатат?**



- Кыргыз Республикасынын Президентинин 08.04.2022-жылдагы ПЖ №109 Жарлыгына ылайык, райондук мамлекеттик администрациясы 16.05.2022-жылдагы №122-б буйругу менен атайын иш-чара бекитип, мыйзамсыз жер басып алууларга жол бербөө чараларын күчөтүүнү айыл өкмөттөргө жана ички иштер бөлүмүнө жүктөлгөн. Анын алкагында Сузак айыл өкмөтүнө караштуу Сузак, Камыш-Башы айылдарында сугат айдоо жерлерине өзүм билемдик менен турак жай үчүн фундаменттер курулгандыгы аныкталып, 30.11.2022-жылы №01/1-32/3618 сандуу кат менен райондук прокуратурага жана ички иштер бөлүмүнө өткөрүлүп берилип, курулуштар токтотулду. Ошондой эле Благовещенка айылынын №1096 контурдагы айыл чарба жерлерине курулуштарды жүргүзгөн 4 жарандын чечимдеринин түп нускамалары жоктугу аныкталып, пайдубалдар буздурулду. Ошол эле айылдын №348 контурунда мыйзамсыз фундамент курууга аракеттенген 4 жаран аныкталып, РИИБнин кызматкерлери менен биргеликте токтотулду.

**- Юстиция министрлигинин билдирүүсүнө караганда республика боюнча 142 337 жер тилкеси Жер мунапысына кирип, 28 972 га жер аянты трансформацияланууга туура келет экен. Сиздердин райондо бул фактылар такталдыбы?**

- Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 1-апрелиндеги “Жер-укуктук маселелерди жөнгө салуу жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 31.05.2022-жылдагы “Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” №291 токтому менен бекитилген жобосуна ылайык Сузак району боюнча 10195 арыз каралып, анын ичинен биринчи кезекте турган 5314 мыйзамсыз курулган турак үйдү мыйзамдаштырып берүү каралган. Бирок, оң корутундулары алынган жана жободо белгиленгендей талаш-тартыш маселесин аныктоо үчүн 30 күн Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын атайын сайтына жайгаштыруу талап кылынат. Ушул күнгө карата жогорудагы талаптар аткарылган 2669 мыйзамсыз турак жайлары мыйзамдаштырылып берилип, калган 2645 жарандын сайтка жайгаштырылган, мөөнөтү бүтбөгөндүгүнөн токтоп турат. Үстүбүздөгү жылдын 18-сентябрынан баштап 2645 жарандын 30 күндүк кароо мөөнөтү аяктайт. Ошондуктан 1-октябрына чейинки убакытта толук кандуу мыйзамсыз курулуштар бүткөрүлөт.

**- Эми “мунапыстан” “ипотека” темасына көчсөк. Былтыркы жылдын ноябрь айында өткөн биринчи Элдик курултайда Президент С.Жапаров мамлекеттик ипотека боюнча маалымат берип, анын пайыздык өлчөмү 14%дан 4%га төмөндөгөндүгүн, төлөө мөөнөтү 10 жылдан 25 жылга узартылгандыгын, ар бир район борборунда курулушка жер бөлүнөөрүн, жакынкы жылдарда массалык түрдө 5 кабаттуу үйлөрдүн курулушу башталаарын айткан эле...**

- Ипотека маселеси боюнча Кызыл-Туу айыл өкмөтүнөн 1,50 га, Багыш айыл өкмөтүнөн 1,0 га, Барпы айыл өкмөтүнөн 1,50 га, Ленин айыл өкмөтүнөн 2,0 га жер аянты тандалып, мамлекеттик актылары мамлекеттик ипотека турак жайларын куруу боюнча кызматына тапшырылган. Эгерде аталган жер аянттары боюнча карап, чечим кабыл алынса жакынкы күндөрү көп кабаттуу үйлөрдүн курулуштары башталат.

**- Турак жайларды камсыздандыруу иши жалпы өлкө аймагында жайбаракат жүрүп жаткандыгы белгилүү. Бул ыктыярдуу тартипте жүрчү процесс. Сузакта турак жайын камсыздандырууну каалагандар барбы?**

- Райондун аймагында турак жайларды милдеттүү камсыздандыруунун көрсөткүчүн 30 пайызга жеткирүү боюнча тапшырма аткарууга алынып, жалпы турак жайлардын ичинен учурда 1764 турак жай камсыздандыруудан өткөрүлүп, 4,22% түздү. Мындан сырткары жогоруда коюлган тапшырманы аткаруу максатында, учурда айыл өкмөттөрүнүн жана мекеме-ишканалардын кызматтык автоунааларын жана административдик имараттарын өткөрүү боюнча иштер колго алынууда.

**- Сузактан чыккан айтылуу акын Барпы атабыз “Ала-Тоо көрккө келбейт эл болбосо...”- деген экен. Мында калк саламаттыгы, балдардын төрөлүүсү биринчи орунда турат го деп ойлойм!?.**

- Ырас, адам фактору биринчи орунда турат. Райондун калкынын саламаттыгын сактоодо 1 райондук аймактык ооруканасы, 2 жалпы дарыгердик практикалык жана 1 үй-бүлөөлүк медициналык борборлорунда 28 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу жана 53 фельдшердик, акушердик пункту элге кызмат көрсөтөт. Аталган мекемелерде 1617 кызматкер эмгектенет. Быйыл 6 айда 2042 ымыркай көз жарып, 2022-жылдын 6 айына (2315) салыштырмалуу 273 ымыркайга аз төрөлдү...

Райондо 118 жалпы билим берүүчү мектептер иш алып барууда. Анын ичинен мамлекеттик мектеп - 2, муниципалдык мектеп - 110, жеке менчик мектеп – 6. Атап айтсак 93 орто, 15 негизги, 4 башталгыч жана 6 меке менчик мектеп бар. Мамлекеттик жана муниципалдык 112 мектептерде 4120 мугалим эмгектенүү менен 66051 окуучуга билим берүүдө.

**- Мамлекет башчынын Жарлыгы менен бекитилген 2026-жылга чейинки Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук программасына ылайык, административдик-аймактык түзүлүштүн жаңы моделин иштеп чыгуу боюнча иштер жүрүүдө. Аталган реформалар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын күчөтүүгө жана алардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.**

**Сузак районунун аймактык-административдик түзүлүшү келечекте кандай өзгөрүүгө дуушар болушу күтүлөт?**

Административдик аймактык реформанын максаты административдик-аймактык түзүлүштү реформалоо аркылуу мамлекеттик башкаруу жана өзүн-өзү башкаруу системасын оптималдаштыруу, кошулган айыл өкмөттөрдө жер, суу маселесин чечүү менен инвестиция тартууга мүмкүнчүлүктөрдү жаратуу. Жайгашкан географиялык абалына жараша, түзүлгөн айыл аймактардагы багыттарга ылайык өнүгүүгө шарт түзүү. Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун түзүмүндөгү бирин-бири кайталоону жоюу, кээ бир керектүү кызмат ордуларын түзүп натыйжасында калкка сапаттуу кызмат көрсөтүү жана бюджеттик сарптоолорду кыскартуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын күчөтүү, алардын финансылык өз алдынчалыгын чыңдоо болууда.

Сузак районундагы азыркы 13 айыл өкмөт жана 1 шаарды 6 айыл өкмөт 1 шаар кылып өзгөртүү долбоору каралган. Жакынкы күндөрү бардык райондордон Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан чакыртылып семинар өткөрүлүп, андан кийин административдик аймактык реформа болгон Нарын облусунан өкүлдөр жиберилип, жер-жерлерде тажрыйба бөлүшүү окуулар өткөрүлөрү күтүлүүдө. Ошондон кийин акыркы жыйынтыкка чыгарабыз деп турабыз.

**- Мамлекеттик башкаруу, сот, укук коргоо органдарындагы кадрларды ротациялоо өнөктүгү Сиздин оюңузда, үргүлжү алып караганда ийгиликтерди берип жатабы? Сиз өзүңүз да ушул ротация жолу менен Сузакка акимдикке келдиңиз эле. Кээде айрым делбетаптар “Орун которуудан сумма өзгөрүлбөйт. Экономикабыз чакталуу чакта ар бир райондо акимге, чекистке, сот, прокурор, милиция, салык кызматкерлерине үй салып берүү туура эмес” дегендей көз караштарды айтып калышат.**

Кадрларды ротациялоо оң натыйжасын берип жатат десем жаңылышпасам керек. Эмне дегенде тууганчылык, тааныштык, жердешчилик терс көрүнүштөрдү жоюу. Которулуп келген кадр жакшы бир ийгиликтерди жаратайын деген жаңы дем менен иш алып барып жатышат. Социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн да жыйынтыктары жакшы. Негизгиси бизге биримдик, ынтымакчылык, тынчтык болсо Кыргызстан өнүгүү жолунда.

**- Соңку суроо: «Элдик курултай жөнүндө» Конституциялык Мыйзам 2023-жылдын 29-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынып, ага Президент кол койгон. Жакында «Элдик курултай өткөрүү жөнүндө» Жарлык чыкты. Экинчи Элдик курултай 15-декабрга белгиленди.**

**Биринчи Элдик курултай 2022-жылдын ноябрында өткөндүгү жалпыга маалым. Ошол биринчи Элдик курултайдан эмне натыйжа чыкты жана кийинкилеринен эмнелерди күтсөк болот? Сиздин оюңуз...**

- 2022-жылдын 5-ноябрында аймактарда өткөрүлгөн жергиликтүү курултайда Сузак районунун 13 айыл өкмөтүнөн 2ден жана Көк-Жаңгак шаарынан 1 делегат жалпы 27 делегат шайланган. Ар бир айыл өкмөтүнөн жана Көк-Жаңгак шаарынан 3тен жалпы 42 көйгөйлүү маселелер көтөрүлгөн.

Курултайдын жергиликтүү делегаттары тарабынан бекитилген көйгөйлүү маселелерди түзүлгөн иш-чаралар планына ылайык аткаруу иштери жүрүп жатат.

Курултай – бул Конституциялык институт. Жогорудагыдай Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен биринчи Элдик курултай өткөрүлүп, калктын калың катмары менен ийри отуруп, түз кеңешкенге шарт түзүлдү. Мындан ары дагы курултай жөнүндөгү Конституциялык мыйзамынын негизинде иш улантылышы Кыргызстан үчүн жакшы жемишин берет деген ойдомун.

**Маектешкен:**
**Мухтар ЖАРКУЛОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## АЙЫЛ ЧАРБА ТОВАРЛАРЫНЫН АЙРЫМ ТҮРЛӨРҮН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНАН ТАШЫП ЧЫГУУГА (ЭКСПОРТТООГО) УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 47-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Айыл чарба товарларынын айрым түрлөрүн Кыргыз Республикасынан ташып чыгууга (экспорттоого) (реэкспорттоону, транзитти, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан көрсөтүлүүчү гуманитардык жардамды кошпогондо) алты айлык мөөнөткө убактылуу тыюу салуу тиркемеге ылайык белгиленсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги:

- ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын;

- Дүйнөлүк соода уюмунун Коргоо чаралары боюнча комитетине ушул токтомго ылайык тышкы соода ишин жөнгө салуу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн товарлардын айрым түрлөрүн мыйзамсыз ташып чыгууга (экспорттоого) бөгөт коюуга багытталган зарыл чараларды көрсүн.

**5.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы №600 “Кыргыз Республикасынан айыл чарба товарларынын айрым түрлөрүн ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №111 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы №600 “Кыргыз Республикасынан айыл чарба товарларынын айрым түрлөрүн ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу” токтому.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 4-сентябры, №443***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАЗАРЛАРЫНЫН ЖАНА КИЧИ БАЗАРЛАРЫНЫН ИШТЕШИНЕ ТАЛАПТАР ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 423-беренесинин 13-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын базарларынын жана кичи базарларынын иштешине талаптар жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 4-сентябры, №446***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 28-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №108 “АЙРЫМ ДӨҢГӨЛӨКТҮҮ ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН ШАЙКЕШТИГИН БААЛООНУ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН УБАКТЫЛУУ ТАЛАПТАРЫ ЖАНА ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин 2022-жылдын 5-апрелиндеги №45 “Бажы бирлигинин Комиссиясынын 2011-жылдын 9-декабрындагы №877 чечимине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” чечимин жана Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин 2022-жылдын 17-октябрындагы №167 чечимин ишке ашыруу, ата мекендик транспорт каражаттарын жасоочуларды колдоо максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабииетинин 2023-жылдын 28-февралындагы №108 “Айрым дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын шайкештигин баалоону жүргүзүүнүн убактылуу талаптары жана тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункттагы “жана 2024-жылдын 1-февралына чейин колдонулат” деген сөздөр алып салынсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Айрым дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын шайкештигин баалоону жүргүзүүнүн убактылуу талаптары жана тартиби жөнүндө жободо:

- 1-главанын 1-пунктунун биринчи абзацындагы “M, N жана O” деген сөздөр “L, M, N жана O” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 1-главанын 2-пунктунда:

экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“сыноо лабораториясы - ISO/IEC 17025 “Сыноо жана калибрлөө лабораторияларынын компетенттүүлүгүнө жалпы талаптар” жана/же ISO/IEC 17020 “Шайкештикти баалоо. Ар кандай типтеги инспекция органдарынын ишине талаптар” эл аралык стандарттарына ылайык транспорт каражаттарынын шайкештигин баалоо жүргүзүү укугуна аккредитацияланган лаборатория;”;

- алтынчы абзацтагы “M, N жана O” деген сөздөр “L, M, N, O” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- сегизинчи абзацтагы “M, N жана O” деген сөздөр “L, M, N, O" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 1-главанын 7-пунктунда:

экинчи абзацтагы “жана алардын протоколдору” деген сөздөр алып салынсын;

үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Техникалык регламенттин алкагында берилген сыноолордун протоколдорунун негизинде таризделген колдонуудагы шайкештик сертификаттары, шайкештик жөнүндө декларациялар;”;

төмөнкүдөй мазмундагы алтынчы абзац менен толукталсын:

“транспорт каражатын (шассини) - башка өндүрүштүк шарттарда жасалган (өндүрүштүк чогултууда жол берилет) аналогдорун сыноолордун протоколдорунун негизинде таризделген шайкештик жөнүндө декларациялар.”;

- 2-главанын 1-пунктунун 2-пунктчасында:

үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“шайкештикти баалоо боюнча иштерди аткарууга арыз берүүчү менен келишим түзөт;”;

төртүнчү абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

- 2-главанын 1-пунктунун 3-пунктчасынын үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“сыноолор аяктагандан кийин беш жумуш күндүн ичинде сыноолордун протоколдорун тариздейт;”;

жогоруда аталган Жобонун 1-тиркемесинде:

- 1, 6, 15, 37-пункттардагы “M, N” деген сөздөр “M, N, L” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 2, 4, 5-пункттардагы “M, N, O” деген сөздөр “M, N, O, L” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 10, 11, 13, 17, 28-пункттардагы “M, N” деген сөздөр “M, N, $L_6$, $L_7$” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 22-пункттагы “M, N, O” деген сөздөр “M, N, O, $L_6$, $L_7$” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 14, 26-пункттардагы “M, N” деген сөздөр “M, N, $L_3$, $L_4$, $L_5$, $L_7$” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 25-пункттагы “M, N, O” деген сөздөр “M, N, O, $L_3$, $L_4$, $L_5$, $L_7$” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 19-пункттагы “26-03” деген цифралар “26-01” деген цифраларга алмаштырылсын;

- 20-пункттагы “M, N” деген сөздөр “M, N, $L_3$, $L_4$, $L_5$, $L_6$ $L_7$” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 48-пункттагы “M, N” деген сөздөр “M, N, $L_3$” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- жогоруда аталган Жобонун 1-тиркемесинин эскертүүсүндө:

7-пункттун экинчи абзацындагы “2024-жылдын 1-февралына чейин” деген сөздөр алып салынсын;

төмөнкүдөй мазмундагы 12, 13-пункттар менен толукталсын:

“12. Бензин кыймылдаткычтары менен транспорт каражаттарына карата “Евро - 0дөн” “Евро - 5ке” чейинки экологиялык класстагы автомобилдерди эксплуатациялоого жол берилет.

13. Тизмекте көрсөтүлгөн пункттар алар транспорт каражатында орнотулган учурда колдонулат.”

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Стандартташтыруу жана метрология борбору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-февралындагы №108 “Айрым дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын шайкештигин баалоону жүргүзүүнүн убактылуу талаптары жана тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтому менен бекитилген формаларга ылайык берилген транспорт каражатынын (шассинин) тибин баалоо жөнүндө корутундуларды каттасын, тариздесин жана реестрин жүргүзсүн.

**3**. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине караштуу “Унаа” мамлекеттик мекемеси:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-февралындагы №108 “Айрым дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын шайкештигин баалоону жүргүзүүнүн убактылуу талаптары жана тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык шайкештикти баалоодон өткөн транспорт каражаттарын каттоону камсыз кылсын;

2) мындай транспорт каражаттарын каттоодо каттоо жөнүндө күбөлүктө төмөнкүдөй мазмундагы жазууну көрсөтсүн: “ТКны Кыргыз Республикасынын аймагында гана эксплуатациялоого жол берилет”.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 4-сентябры, №447***

# БЛОГЕР БОЛУШ БИР ПАСТА, ДЕПУТАТ БОЛУШ АСТА-АСТА...

***Жогорку Кеңештин депутаты Эрулан Көкүловдун Билим берүү жана илим министринин кабинетин сүзүп кирип, экс-министр Каныбек Иманалиев менен кайым айтышы соцтармактарда талкууга жем таштады. Албетте, Каныбек Иманалиевдин министрлик кызматтан кетиши бул инциденткe байланыштуу деп ойлобойм. “Не сахар” программасы аркылуу калың элге блогер катары таанылган Эрулан Көкүлов бул жүрүшү менен жалпы эле блогерлерге көлөкөсүн тийгизип койгондой болду.***



Эрулан Көкүловдун депутаттык мандатты көтөрүп жүргөнүнө эки жылга чамалап калса да аны азырынча идиректүү, коомдун орчундуу маселелерин көтөргөн депутат катары калың эл тааный элек. Аны эл дале блогер катары билсе керек. Ал өзү да депутаттык жаңы ролун билбейсезбей көпкө кыйналган сыяктанат. Муну анын өткөн жылдын аягында Апрель телеканалына барып журналисттер тобу менен маектешүүсүнөн көрүүгө болот. Ал журналисттерге ымандай сырын ачып, кээде өзүмдү Жогорку Кеңеште иштегендей сезбейм дептир. Баарынан кызыгы, Эрулан Көкүлов депутаттык мандатты алганда терең депрессияга түшүп, андан былтыр каникул бүткөндө гана чыкканын айтып күлүп отурат. Демек, ага депутат болуу, депутаттык миссияны аткаруу оңойго турбаптыр. Бирок ал депутаттык мандатты эң оңой жеңип алганы белгилүү. 19 миңге чамалаш добуш алып, алган добушу боюнча саясатта алчы-таасын жеген не бир талапкерлерди артка таштап, парламентке келген. Антсе да блогерлик таланты ага азырынча активдүү, элге алынган депутат болгонго жардам берген жок.

Акыркы мезгилдерде блогермин деп микрофон көтөрүп же соцтармактарда активдүү иштегендердин армиясы пайда болууда. Ошол эле учурда шантаж, пара талап кылган блогерлерди коомчулук билет. Блогерчиликти кесип кылып алып, чуркап жүргөндөр да бар. Бирок бардык нерсени мезгил өзү ордуна коёт. Блогер болсо эле коомдук кызыкчылыкты баарынан өйдө койгон алдыңкы көз караштагы жетик адамдар деп кабыл алгандар терең жаңылышат деген ойдомун.

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

## №26 ЛЕНИН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ НУРГУЛ МАЖИТОВНА АДНАЕВАНЫ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2023-жылдын 8-августунда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө Н.М.Аднаевадан арыз келип түшкөн.

2023-жылдын 10-сентябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоодо, Н.М.Аднаеваны талапкер катары каттоо үчүн 2023-жылдын 9-августунда керектүү документтери берилген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун 2023-жылдын 17-августундагы №31 корутундусу менен Н.М.Аднаева талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына жооп бергендиги аныкталып, аны каттоо боюнча маселе кароого сунушталган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 60-1, 61-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Аднаева Нургул Мажитовна №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Н.М.Аднаевага белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоону өткөрүүдө талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси Н.Ч.Койчукеевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 17-августу, №191***

## №26 ЛЕНИН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ КУБАНЫЧБЕК КАРГАНБЕКОВИЧ САМАКОВДУ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2023-жылдын 7-августунда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө К.К.Самаковдон арыз келип түшкөн.

2023-жылдын 10-сентябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоодо, К.К.Самаковду талапкер катары каттоо үчүн 2023-жылдын 9-августунда керектүү документтери берилген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун 2023-жылдын 18-августундагы №32 корутундусу менен Самаков К.К. талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына жооп бергендиги аныкталып, аны каттоо боюнча маселе кароого сунушталган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 60-1, 61-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Самаков Кубанычбек Карганбекович №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер К.К.Самаковго белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4**. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоону өткөрүүдө талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси Н.Ч.Койчукеевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 18-августу, №194***

## «ДСМ Заводу» ААК

***акционерлеринин пландан тышкаркы жалпы чогулушун өткөрөрүн жарыялайт.***

- Чогулуштун өткөрүлүүчү жери: **Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Шабдан Баатыр көчөсү, 1а.**
- Чогулушту өткөрүү күнү: **2023-жылдын 29-сентябры.**
- Өткөрүү убактысы **- саат 10.00дө**
- Каттоо **саат 9.00дө** башталат.

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1.** 2021-жылдын 11-апрелиндеги көп кабаттуу турак жайларды долбоорлоого жана курууга үлүштүк катышуу жөнүндөгү келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.

Акционердик чогулушка катышуу үчүн реестрди жабуу күнү - **2023-жылдын 28-сентябры.**

Чогулушту даярдоодо акционерлерге бериле турган материалдар менен "ДСМ Заводу" ААКсынан **Бишкек шаары, 7-Апрель көчөсү, 1 а** дарегинен таанышууга болот.

**Эскертүү:** *акционерлердин өзүлөрүндө паспорту, ал эми акционерлердин өкүлдөрүндө ишеним каты жана паспорту болууга тийиш.*

## ОАО «Завод ДСМ»

***сообщает о проведении не плановая общего собрания акционеров.***

- Место проведения собрания**: Кыргызская Республика, г.Бишкек, ул.Шабдан Баатыра, 1а.**
- Дата проведения собрания - **29 сентября 2023 года.**
- Время проведения - **10.00 часов**
- Начало регистрации - **9.00 часов.**

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

**1.** О внесении изменений договора долевого участия в проектировании и строительстве много этажных жилих домов от 11.05.21 г.

Дата закрытия реестра для участия в собрании акционеров – **28 сентября 2023 года.**

С материалами, подлежащими предоставлению акционерам при подготовке к проведению собрания, можно ознакомиться в ОАО "Завод ДСМ" по адресу: г.Бишкек, ул.7 Апреля, 1а.

**Примечание:** *акционерам иметь при себе паспорт, а представителям акционеров доверенность и паспорт.*

german humanitarian assistance
1926 КРАСНЫЙ ПОЛУМЕСЯЦ КЫРГЫЗСТАНА
DEUTSCHES ROTES KREUZ

## Германский Красный Крест совместно с Национальным Обществом Красного Полумесяца Кыргызстана

**ПОВТОРНО ПРИГЛАШАЮТ К УЧАСТИЮ В ТЕНДЕРЕ.**

Офис Германского Красного Креста (ГКК) в КР, при финансовой поддержке Федерального Министерства Иностранных дел Германии, совместно с Национальным Обществом Красного Полумесяца Кыргызстана, приглашает все заинтересованные компании и организации к участию в тендере по:

Закупка и поставка оборудования (униформа) для 10 школьных команд по снижению рисков стихийных бедствий (СРБ) и 10 новых Местных Комитетов по Чрезвычайным Ситуациям в Джалал-Абадской и Ошской областях.

Для участия в тендере необходимо представить; копии документа/сертификата об официальной регистрации компании или ИП, справку с налогового органа о не задолженности в Кыргызстане. Данное требование является обязательным условием тендера.

Ваше ценовое предложение вы можете отправить на e-mail: **grc.procurement@gmail.com**, либо принести в запечатанном конверте по адресу: **г. Бишкек, бул. Эркиндик, 10, 2 этаж, офис Германского красного креста, моб.: + 996 (555) 00-55-58.**

Последний срок подачи заявок **22 сентября 2023 года до 15.00 часов.**

С/О-037

***Жолдошбек уулу Жоламанга тиешелүү мам. актысы №987724 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-759

***Абдраева Ракыяга тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы НК №4-4-6-04-11-2 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-761

***Асаналиев Токтобек Наматбековичке тиешелүү мам.актысы Ч №535845 (11.07.2014-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

***Эргешова Санабар Абдыкадыровнага таандык (08.02.2007-ж.б.) Ч №087151 мамлекеттик актысы жана (13.04.2022-ж.б.) №804-2022-2861 белекке берүү боюнча келишими жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П-436

## ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

***В связи с утерей нижеследующих бланках разрешений для международных перевозок ОсОО "Азия Транс Солюшнс"***

| | |
|---|---|
| ЛИТВА | 7293 |
| ЛАТВИЯ | 132898 |
| ЛАТВИЯ | 132991 |
| ЛАТВИЯ | 132901 |
| ЛАТВИЯ | 132990 |
| ЛАТВИЯ | 132897 |
| ЛАТВИЯ | 132900 |
| ЛАТВИЯ | 132899 |
| КИТАЙ | 5891 |
| КИТАЙ | 90 |
| ПОЛЬША | 9021084 |
| НИДЕРЛАНДЫ | 31 |
| НИДЕРЛАНДЫ | 32 |
| НИДЕРЛАНДЫ | 33 |
| ГЕРМАНИЯ | 7500101 |
| ГЕРМАНИЯ | 7500398 |
| ГЕРМАНИЯ | 7500015 |
| ГЕРМАНИЯ | 7500396 |
| ГЕРМАНИЯ | 7500399 |
| ГЕРМАНИЯ | 7500397 |
| ПОЛЬША | 9021083 |
| ЛАТВИЯ | 126046 |
| ЛАТВИЯ | 126047 |
| ЛИТВА | 135462 |
| ЛИТВА | 135461 |
| ТУРЦИЯ | 566279 |
| АВСТРИЯ | 58 |
| РОССИЯ | 214679 |
| РОССИЯ | 214681 |
| ТУРЦИЯ | 566776 |
| РОССИЯ | 214680 |
| ЛАТВИЯ | 111761 |
| АВСТРИЯ | 59 |
| КАЗАХСТАН | 25747 |
| ТУРЦИЯ | 566281 |
| ТУРЦИЯ | 566282 |
| АВСТРИЯ | 8 |
| ТУРЦИЯ | 566787 |
| АВСТРИЯ | 6 |
| ТУРЦИЯ | 566778 |
| ЭСТОНИЯ | 42359 |
| ЭСТОНИЯ | 42356 |
| АВСТРИЯ | 60 |
| ЛАТВИЯ | 111762 |
| ТУРЦИЯ | 566290 |
| РОССИЯ | 214333 |
| ТУРЦИЯ | 566280 |
| РОССИЯ | 214678 |
| КАЗАХСТАН | 25749 |
| АВСТРИЯ | 7 |
| РОССИЯ | 214334 |
| ТУРЦИЯ | 566779 |
| ЭСТОНИЯ | 42355 |
| КАЗАХСТАН | 25286 |
| КАЗАХСТАН | 25746 |
| ЭСТОНИЯ | 42357 |
| АВСТРИЯ | 5 |
| ЭСТОНИЯ | 42358 |
| РОССИЯ | 214677 |
| ТУРЦИЯ | 566777 |
| ЛАТВИЯ | 111764 |
| ПОЛЬША | 9020276 |
| АВСТРИЯ | 9 |
| КАЗАХСТАН | 159807 |
| КАЗАХСТАН | 159304 |
| КАЗАХСТАН | 159302 |
| КАЗАХСТАН | 159303 |
| КАЗАХСТАН | 159808 |
| ЛИТВА | 7294 |

***считать недействительными.***

Н-763

***Калыбек уулу Ак-Тилекке тиешелүү мам. актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-765

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №448949 на имя Калыковой Марии считать недействительным.***

Н-755

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИ

МААЛЫМДАЙТ:

**Мамлекеттик үлүшү катышкан чарбакер коомдордун башкаруу органдарына кадрлар резервин түзүү үчүн талапкерлерди тандоо боюнча сынакка катышуу үчүн документтерди кабыл алуу 2023-жылдын 30-сентябрына чейин узартылды.**

**Мамлекеттик үлүш катышкан чарбакер коомдордун Директорлор кеңешинин мүчөлөрү кызмат ордуна резервге киргүүгө талапкер болгон жактарга коюлуучу талаптар:**

1) соттуулугунун жоктугу;
2) кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик жана расмий тилдерди билүүсү;
3) экономика, башкаруу, юриспруденция чөйрөсүндө же чарбакер коомдун ишинин профилине тийиштүү адистик боюнча жогорку билими;
4) мамлекеттик бийлик органдарында жана коммерциялык уюмдун башкаруу органдарында жетекчи, жетекчинин орун басары (анын ичинде түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси, жетекчинин орун басары) катары 5 жылдан кем эмес иш тажрыйбасы.

**БИЛИМ:**

1. *Кыргыз Республикасынын Конституциясы;*
2. *Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодекси (I бөлүк);*
3. *Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси;*
4. *Кыргыз Республикасынын «Акционердик коомдор жөнүндө» Мыйзамы;*
5. *Кыргыз Республикасынын «Чарбалык шериктиктер жана коомдор жөнүндө» Мыйзамы;*
6. *Кыргыз Республикасынын «Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө» Мыйзамы;*
7. *Кыргыз Республикасынын «Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө» Мыйзамы;*
8. *Кыргыз Республикасынын «Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө» Мыйзамы;*
9. *Кыргыз Республикасынын «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамы;*
10. *Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартиби.*

**Мамлекеттик үлүш катышкан чарбакер коомдордун текшерүү комиссиясынын (текшерүүчүсү) мүчөлөрү кызмат ордуна резервге киргүүгө талапкер болгон жактарга коюлуучу талаптар:**

1) соттуулугунун жоктугу;
2) кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик жана расмий тилдерди билүүсү;
3) финансы, бухгалтердик эсеп жана аудит тармагындагы адистиги менен жогорку экономикалык билими;
4) менчигинин түрүнө карабастан уюмдарда жана мекемелерде финансы, бухгалтердик эсеп, аудит менен түздөн-түз байланышкан жетектөөчү кызмат орундарында 3 жылдан кем эмес практикалык иш тажрыйбасынын болушу.

**Төмөнкүлөр сынакка катышууга киргизилбейт:**

1) чарбакер коомдун атаандашы болгон субъекттин менчик ээси, акционери (катышуучусу), башкаруу органынын мүчөсү болуп саналган жак;
2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен жоюлган уюмдардан тышкары, буга чейин белгиленген тартипте кудуретсиз деп таанылган же ага карата мажбурлап жоюу жөнүндө чечим кабыл алынган коммерциялык уюмдун Директорлор кеңешинин мүчөсү, аткаруу органынын жетекчиси же мүчөсү, башкы бухгалтери болгон жак;
3) анкеталык маалыматтары боюнча белгиленген талаптарга дал келбеген талапкерлер.

**БИЛИМ:**

1. *Кыргыз Республикасынын Конституциясы;*
2. *Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодекси (I бөлүк);*
3. *Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси;*
4. *Кыргыз Республикасынын «Акционердик коомдор жөнүндө» Мыйзамы;*
5. *Кыргыз Республикасынын «Чарбалык шериктиктер жана коомдор жөнүндө» Мыйзамы;*
6. *Кыргыз Республикасынын «Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө» Мыйзамы;*
7. *Кыргыз Республикасынын «Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө» Мыйзамы;*
8. *Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамы;*
9. *Кыргыз Республикасынын «Аудитордук иш жөнүндө» Мыйзамы;*
10. *Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты;*
11. *Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартиби.*

**Сынакка катышуучу талапкерлер төмөнкү документтерди тапшырууга тийиш:**

1) арыз;
2) өмүр баян;
3) кадрларды эсепке алуу боюнча өздүк баракча;
4) 4 даана 3х4 өлчөмүндөгү сүрөт;
5) белгиленген тартипте толтурулган анкета;
6) талапкердин паспортунун көчүрмөсү (текшерүү үчүн түп нускасы);
7) жогорку билими тууралуу документтеринин нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
